
85.335
М34

атисаков
бдиламит

# «КЫРГЫЗ ӨҢҮ ЧОКМОРОВДУН ӨҢҮНДӨЙ...»



Формуляр книги

| | | | |
|---|---|---|---|
| 85.33 | 391516 | | |
| М 34 | Кыргыз өңү | | |
| Чокморовдун өңүндөй | | | |
| 1989 | | | |

85.33
М 34
В

Матисаков
Абдиламит

# «КЫРГЫЗ ӨҢҮ ЧОКМОРОВДУН ӨҢҮНДӨЙ...»

ОЧЕРК

26 сент. 1992 г.
умер С. Чокморов

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 391516

Фрунзе
«Кыргызстан»
1989

ОТДЕЛ
ИСКУССТВ

85.373(2)кирг

ББК 85.374(2 Ки)
М 34

**Матисаков Абдиламит.**

М 34 «Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй...»: Очерк.— Ф.: Кыргызстан, 1989.—40 б.: ил.
ISBN 5-655-00569-7

Китепчеде атагы алыска угулган кыргыз элинин көп кырдуу талanttуу уулу С. Чокморовдун чыгармачылык дасмиясы жана жекече турмушу туурасында кыскача баян айтылат.
Окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

Штрихи из жизни и творческого пути замечательного актера советского кино, а также художника С. Чокморова.

М $\frac{4910000000-47}{М\ 451\ (11)-89}$ без объявл. ББК 85.374(2 Ки)

ISBN 5-655-00569-7 © «Кыргызстан» басмасы, 1989-ж.

## БАСМАДАН

*Эл менен сүрөткердин тагдыры үзөңгүлөш болот деген сөздүн ырастыгын өмүрү өрнөк адамдардын турмушу айгинелейт. Мына ушундай залкар таланттардын бири Сүймөнкул Чокморов. Бул киши туурасында канчалык окуганыбыз жана кинодон көргөнүбүз менен деле баары бир биз билбеген жактары арбын. Ал табигый нерсе го. Бирок антсе да, бул адам жөнүндө көбүрөөк билүү жана таалимин алуу кызык.*

*Бүткүл Союздук Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты, СССРдин эл артисти, Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты С. Чокморов жөнүндө бир шилтем очерк менен түгөл айтып берүү мүмкүн эмес. Борбордук басмаларда талanttуу актер жана сүрөтчү туурасында бир нече китеп жарык көргөнү менен «Колдо бар алтындын баркы жок», дегендей эне тилинде чыгып жатканы ушу.*

*Азырынча болсо эл уулунун талантына, тагдырына таламдаш болууну каалагандарга ушул китепчени сунуш этебиз. Тырмак алды катары саналган очеркке ой-пикириңиздерди билдирип, сунуштарды айтсаңыз автор менен басманын келечек иштеринде эске алынмакчы.*

«...элестелип дүйнөгө бүт таркады
кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй»
(Жолон Мамытов).

СҮЙМӨНКУЛ АБАНЫ жазам деп оолукканым качан... Өзүнө учураганымда шаарыбызды саратан куйкалап, газдалган суруга турган элдин кезегин бир-бирине уласа, кербейчойбой калааны бир курчаса жете турган. Мезгилиң тумга илинбейт экен, минтип жалбырак күбүп, күз да кирип келди. Эртең эле буйруса кыш... Бурч-бурчта тигилген боз үйлөрдүн биринде бутуңду узун сунуп, көздү жумуп, суу кошулган кымызды ууртап отурганда түндүктөн жай жылган булуттар бейпайда кеткен күндөрдү сызылтып, жүрөктү «зырп» эттирип жүрдү го!.. Кайып болуп кеткен күндөр!..

Чыгармачылык алакасы бар ашыналарым да маалмаал «буттүнбү», деп кулак кагыш кылат. Шылтоо даяр, «баш кашырга чоло жок, гезит тушап койду», дейм. «Жазам дегениң качан... Көздү жумуп жазып салбайсыңбы», дейт дагы бир үмүтү бар.

Эх досум, сен ойлогондой бу көздү жумуп, жазып салчу иш болсо кана!..

* * *

Ойлорго «төө бастымын». Жумушка келатып да, сегиз саатты түгөтүп, кетип баратып да автобустун бир бурчунда «Асанбай» көрүнгөнчө (автор баш пааналаган микрорайон) очеркти эмнеден баштарымды чече албай башым катат. Калемиң түшкүр, мынчалык мукураган эмес!.. Элине беш колдой таанымал адамдын кулак чала элек кайсыл тарабынан иликтесем окурманым арзыган табылгага туш болом же жыл сайын биринен кийин бири чыкчу коёндой окшош очерктерден айрып алгыс жазылып, окуганга кол көтөрүлбөй мезгилдин бүктөмүндө калып кетеби? Чочуган жайым ушунда!..

Чынында Сүймөнкул абаны билбеген кыргыз барбы? Союздук кинофестивалдардан эркектин ролун жакшы аткаргандыгы үчүн байгесин беш ирет жеңип алган жапа-



дан-жалгыз актер туурасында өзүбүздө, өзүбүздөн калса борбордук басма сөздөрдө аз жазылдыбы?

Кариет, мага да айтчу кеп бар экен, көп экен, бетмебет сүйлөшкөндө билбедикпи, чети да оюлбаптыр!.. А очеркти болсо минтип жазмак (жазылса!) болдук. Сүкөмдүн актердук (аны менден жакшы билесиз), сүрөтчүлүк маштыгын мындай коюп, өзүбүз күбө болгон пенделик жашоосундагы периштесин кылаң көрсөткөн турмуштук жагдайларга токтолсом. Мүмкүн маалымдуулуктун мартабасы ашып турганда сиз экөөбүздү көбүрөөк кызыктырган ошол нерсе болуп жүрбөсүн, окурман.

* * *

Күндө чалам үйүнө. Телефонго колу жетпей жүрдү. Кудай жалгап, онунчу күн дегенде шыңгырагым үстүнөн чыкты. Чагылайы келбей жүргөндө шашкан киши болуп, түз эле «Сизге азыр эле оропара болом» дедим. «Процедурадан жаңы келдим эле, бир-ар саат эс албасам...» деди Сүкөм.

...Иш бөлмөсүндө отурдук. Толгон сүрөт. Дубалда илингени канча. Көбү жерде, биринин аркасынан бири шыкаалап, бизди карап турушат. Маңдай-тескей отургандан он күндөн бери ичибизде жүрүп, эскире түшкөн сөзүбүздү айттык.

— Ааламга аты кеткен Чокморовду эмес, Сүймөнкул абамдын бүгүнкү карапайым образын, пенделик кадимки турмушунан жазсам деген оюм бар эле.

— Колундан келеби? — деди Сүкөм капыстан. Маселени кабыргасынан коюп, чапанын желбегейленип, маңдайымда далдаят. «Манастын ролун экранга алып чыкканда го, атаганат...» деген ой бир жактан чыга калды.

— Жазам,— дедим Манастын оттуу көздөрүнөн көзүмдү албай, — сиздин «сырды» айлап болсо да, арканыздан түшүп болсо да билишим керек.

— Ага каршы эмесмин. Бирок, билип кой, ушуга чейин эч ким мени толук биле элек, биле да албайт деп ойлойм...

— Көрөбүз...— дедим да чөнтөгүмдөн блокнотумду суурудум. Калемимди унутуп калыпмын...

Акындын сырттаны, элине жылдыздуу поэзиясын тарарик калтырып жүрүп кеткен маркум Жолон Мамытов Сүкөмдүн портретин эки ооз сөз менен ташка чегип коюптур... «Элестелип дүйнөгө бүт таркады, кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй...» Акындан ашырып айтыш кыйын го! Биз очеркти Жокемдин ошол көөкөр таштай көрчөгөлөнүп түшкөн сабы менен атап койдук.

* * *

Кетеримде Сүкөм китеп текчесинде турган таш бака-нын жону түспөл эки чоң үлүлдүн бирин мага сунду. «Тыңшап көрчү». Кулагымдын түбүнөн деңиз шарпылдады. Деңиздин шоокуму! Үлүлдү кулагымдан албай сурадым. «Кайсыл деңиз?». «Индия океаны. Жээгинде жүрсөк бир карыган балыкчы белек кылган эле. Мунусунан таза угулат». Отуз эки жашыма чейин океанды телевизордон көрчү жаным алыста-алыста, жердин аркы четинде мелмилдеген океанга чөгүп бараткан кызыл күндү өзүмчө элестетип, а Сүкөм жээк кыдырып, көрүнгөнгө үлүл тарберик кылган балыкчысын өзүнчө... Аны Хемингуэйдин өлөрман балыкчысына окшотуп, колумдагы тоо текенин мүйүзүндөй үлүлдүн кайсыл бир жылдары океандын жашыл түбүндө, сырдуу дүйнөдө түнөгөнүн, тегерегинен супура боор, араа тиш акулалар түркүм түс балыктарды кууп каршы-терши сүзгөнүн, анан касиеттүү үлүл кайсыл бир күнү толкундардын эпкининен козголуп жээк издеп, баданин күн жеген, калак шилтеп булчуңдары таштай каткан алиги балыкчыга насип болгонуна таң калам. А бечара балыкчы табылгасын даңазалуу киноактерго тартуу кылганын ошондо билди бекен...

Сүкөмдүн жумушчу бөлмөсүндө сакталган эстелик буюмдардын ар бирин чекеден сөзгө кошсок, анын өмүрүнүн жылдыздуу учурларынан маалымат чубалып чыга бергидей. Мексикадан, Каирден келген пирамидалардын мынабу эле колумда турган табышмактуу ак кесектери адам баласынын ою жетпес алыс-жуук сапарынын күбөсү. Байыркы Египеттин Хеопс пирамидасынын чукөдөй кесеги билгенге баа жеткис таберик, алыскы жолдон кошо келген акжолтой табылга (ак кесектин жайын өзүнчө угабыз).

Сүкөм түлөк маалынан атлас картадан Арабстанды издеп, байыркы пирамидаларды көрөр бекем деген үмүт көкүрөгүндө бутактаган. Ал тилеги кийин, башынан ысык-суук өтүп кино өнөрүнүн үлкөн адамы болгон кезинде, 1982-жылы ишке ашып, делегациянын тобу менен Каирге (а чынында Сүкөм төгөрөктүн төрт бурчунда болгон) жөнөйт. Каран калган ошол күн!.. Жер көрөм, эл тааныйм деп келип, Хеопс пирамидасын, адамзаттын нечен мууну күбө болгон тарыхтын көзгө сүртөр жерин мына-ана көрөм деп турганда, Каирдин мейманканасында капыстан, биринчи ирет бөйрөгү сайгылашты. Таң атса пирамиданы тамаша кылганы жөнөйбүз деп турганда, бөйрөгү жанын



көзүнө көрсөттү го! Чукул арадагы самолетко билет алынып, түн бою кирпик көзүн какпай чыккан Сүкөмдү Москвага учуруунун камылгасы көрүлдү. Бирок, ал теңирден тескери иш кылды. «Хеопс менен Хефрен, Микрин пирамидаларын көрбөй, көзүмө бир сүртпөй туруп, Каирден кетпейм», деп койду. Келме-кетме өмүрдө насип буйруп, дагы мындай жерлерге келемби жокпу, ким билет. Ооруп жүргөн жан чыдаармын деп бөйрөктүн пристубун тиштенип, баягы өжөрлүгүнө салып чегиндирет. Окурманга кыйла далилдүү болсун үчүн саякатчынын өз сөзү менен баяндайлы. «Каирдин мейманканасында чабалактап, таң атканча оору жанымды жай алдырбай, кирпиктүү көзүм илинсечи. Тагдырдын кырсык-саатына мынчалык наразы болгон эмесмин. Эртеси эки-үч жолдошумду жөлөк тутуп, пирамидаларды көргөнү кете бердим. Адамзат колунан жаралган, нечен-нечен доордун элин тамшандырган, көрсөм дегендерди ак эткенден, так эттирген төбөсү булут челген Хеопстун түбүндө туруп, ишенесиңби, өзүмдү ушунчалык бактылуу сезип, пирамиданын муздак бооруна кол тийгиздим да: «Эми өлүп кетсем арманым жок ээ» деп жиберипмин. Жанымдагылар таштан-ташка секирип, пирамидаң тепкич-тепкич болот экен өйдө чыгып кетишти, мен ылдыйда калдым, ооруп жатсам менде дарман-ал болобу. Тегеректин тазалыгын бир айтасызбы, миң айтасызбы, кирпигине кир жугузбайт экен. Утуру мизилдетип шыпырып-сыйрып турушат, анан кадам сайын бирден сакчы. Көздөрүн ирмеп койбойт. Анткени келген-кеткен туристтериң жөн кетпей пирамиданын борчугунан бармактай болсо да ала кетсек дегенде эки көздөрү төрт экен. Карындан май кескендей кесип, кынаптап тизген чулу таштарды кыркалатып, зор усталык менен төшөп чыккан убалы жок кулдардын кара күчүнө айран калып басып жүрсөм, ушул сенин колуңдагы ак кесек мындай жерде жатат. Арбап, бура бастырбайт.. Эңкейсем эле эки кадам наржакта турган сакчы шекшигидей. А кесек көзду бир күйгүзөт. Айла куруганда, бет аарчымды түшүрүп жиберимиш болуп, көздү кычыштырган Хеопстун ак кесегин кошо илип кеттим. Менин ордумда актердук өнөрдөн алыс жүргөн адам болсо, сакчынын колуна түшүп, көздөрүн жадыратып турмак...»

Хеопстун ак табариги чөнтөгүндө келген жердешибиз бөйрөгүнөн катуу ооруп, Москвага жатып калат. Ооруканада эс-учун жоготсо да, бир сөзүн кайталай бериптир. «Мени Кыргызстанга жеткиргиле, тууган жеримди көрүп калайын...»

* * *

Бир күнү бет маңдай отурганда «Сүкө, эл аралап калганда Карабалтанын ролун ойноймун деп эки бөйрөгүнө суук тийгизип, азабын тартып жатыптыр, азыр табы кантип калды?» деп сизди сурагандар көп. Ал тургай папкечен байкелерибиздин эле ичинен оозу-мурду кыйшайбай, кудум көзү менен көргөндөй «өрдөгүн учургандарды» кездештирип, чын эле «Эл оозунда элек жок» турбайбы деп калдык. Пайгамбар жашынан өтүп калган Ноокаттык бир чалдын сөзү кулагымда. «Сүймөнкул баатырды (эмнегедир баатыр деди!) кинодон көрдүк. Ооруканада жатыптыр. Ошо шаарда жүрөсүңөр, билесиңер, дени-башы сакпы?» дегенде эч нерсе дей албай — «Эл катары иштеп жүрсө керек» деп ийин куушурдук. «Журтунун бешенесине жаралган шондой шердин аяк астынан шамал өтүп турсун (сөзүн сөздөй келтирип жатам) оору-сыркоодон тышкары, ылайым көңүлүбүздү курсант кылып жүрө берсин, кудай ага күч-кубатын аябасын!» — деп алакан жайып дуба кылды десем Сүймөнкул аба күлүп жиберди. Айтканы «Элден айланса болот» деген гана бир ооз сөзү болду.

— Сүкө, учурунда айтылбаса сөздүн куну кетет дейт. Чалдын суроосуна...

— Аны айтса да, айтпаса да болот эле, — деп козголду эле алдындагы кресло кычырады.

— Оору менен алышып жүрсөңүз да, эки ийниңизде төө көтөргүс милдет — жүк бар. Кыргыз сүрөтчүлөрүнө жетекчилик кыласыз, бош убакыт боло калса, кыл калемиңиз тыным билбей зор максаттардын эскизин түшүрөт. Ким кандай ойлойт, таразалай албайм, бирок мага сиздин өжөр эмгегиңиз Н. Островскийдин эрдигин эске салат. Бир чети бүгүнкү жараны жашырбаган маалда, сиз менен ийиндеш иштешип жатканыбызга сыймыктанабыз. Сиз баштан кечирген тагдырдын оош-кыйыштуу жактарын элибизге түгөл жеткирүүгө бел байлагандан кийин...

Сүймөнкул аба ийнинен качкан чапанын мүрүсүнө серпип, о кыйла тунжурады. Бир нерсени катуу ойлогондой.

— Жазайын дейсиңби? — деп чоочугандай сурады.

— Эл билсин. — Мен да тыбырап, укканымды, көргөнүмдү калың кыргыз укса экен, чындык сөз калптын казанына от жаккандардын таңдайына тикенектей сайылса экен дейм.

— Жакын отурчу, сага бир нерсе көрсөтөйүн, — деп



Сүкөм эки билегин түрдү. Бүткөн боюм «дүр» деп чочудум. Билегинен тартып булчуң этине чейин каршы-терши тилинип, тигиштин темгилдери... Булчуңундагы дөмпөйгөн жерге сөөмөйүн сайды.

— Басып көрчү, ысык бекен?

— Ып-ысык.

— Каным... Өзүмдүн вена кан тамырыма ийне сайыла берип жарактан чыгып, болбой калганда бир аялдын вена кан тамырын салышкан.

— Аялдын?!

— Ии, кан азыр манжаларыма жакшы жетпейт. Кист кармаганга, калем кармаганга болот, а комуздун кылын мурдагыдай манжаларым тере албай калды...

Жоон саны билегинен кем калбайт. Операциялардын тактары... Санына Англиядан алып келинген жоондугу сөөмөйдөй түтүк салынган. Кан ошол түтүк аркылуу айланат. Ал кийинки беш-алты жылдын аралыгында бирин-бири татаал 23 операцияны башынан өткөрдү. Ар бири вена кан тамырына жасалып жатпайбы... 23 операция деп жазгандан көрөк, 23 фильмде башкы ролду ойноду деп жазсам гана, атаганат!..

— Эки бөйрөктүн иштебегени ырас. «Сыркоосун кинаго тартылып жүргөндө суукка урунуп күчөтүп алыптыр» деп жүрүшкөнү туура эмес. Тукум кууган илдет кыркка чыкканымда козголду. Врачтардын божомолунда ал жыйырма жашымда эле азап чектирмек экен. Актердук тыным жоктук, ар бир мүнөттүн кымбаттыгы ооруганга да мүмкүнчүлүк берген эмес экен. Спорттун өмүргө күлазык экенин ушундайда билет экенсиң. (Сүкөм волейбол, чуркоо, узундукка секирүүдөн 1-разряддуу болгон).

— Операция жасатып, бөйрөгүн алмаштырып деле күнүн көрүп жүргөндөр толуп жатпайбы.

— Операцияга нечен курдай макулдугумду бердим эле. Бирок, алдын-ала изилдөөлөр өпкөмдөгү эски так (Сүкөм жаш чагында кургак учукту да жеңген турбайбы) операция учурунда жарылып кетиши мүмкүн деген жыйынтык менен токтотуп коюшту.

Сүкөм үч күндүн биринде кардиология институтунун нефрология бөлүмүнө каттайт. Бир барганда 4—5 сааттан жатып, боюндагы болгон канын тазалатып (алиги чалдын Сүкөмдү ооруканадан көрдүк дегени чын экен) кайтат. Үч күндө бир жолу! Бир күн кемитпейт, бир күн кечиктирбейт! Темирдей бекем режим, темирдей бекем эрк! Ойлоп көрүңүзчү, ар бир үч күндө (процедураны жеңил дегендер жаңылышат) бир жолудан жатып, бир же эки жыл эмес,

1982-жылдан бери дарыланып келет. «Азырынча бул рецепт Чокморовго өмүр бою керек» деди элдин кадырлуу врачы, кесибинин устаты, Сүкөмдүн дарыгери, нефрология бөлүмүнүн башчысы Роза Гапаровна Мемешова.

Ооруканага күн көтөрүлүп калганда келдим. Ооздон Сүймөнкул абанын «Волгасын» көрүп, «Саат сегизде келсең, кошо алып кирем», деп сүйлөшкөнүбүздү эстедим. Кечиккенимди карачы! «Терезенин түбүндө жатам, келгенкеткендер көрүнүп турат» деген эле деп, терезеден-терезени карайм. Ошентип турсам, бир кара каш кыз терезенин биринен башын чыгарып, кыргызча:

— Кимди издеп жүрөсүз,— деп калды. Сүйүнүп кеттим, кыздын кыргызча сүйлөгөнүнө. Кээде кызык эле, бири-бирибизди көзүбүздөн таанып эле турабыз, ага деле болбой «болсо, болбосо» деле өзүбүздү кыйнай беребиз. Мына кыйналбай эле сүйлөшүп турабыз.

— Сүймөнкул абага келдим эле, чоң кыз, дарыланган жерине алып кирем деген.

— Биз бөлөк-бөтөндү киргизбейбиз, — деди кара каш кыз. «Киргизбейм» десе деле кыргызча сүйлөп турса, көзүңө бир жакшы көрүнөт экен. Жакшы көрүп турганымды, «киргизбейм» десе ага деле кайыл болуп кете береримди туйдубу чунак кыз жамшарды.

— Бөлүм башчыбызга айтып көрөйүнчү, гезиттен келсеңиз,— деп терезеден көрүнбөй калды.

* * *

— СҮЙМӨНКУЛДАЙ азаматтарыбыз көп эмес. Киносу турат, сүрөтчүлүгү турат чети оюлбай. Жазып кыйратып жибердиңерби? Сиз деле анын оорусун жазам дегенден көрө...— Роза Гапаровна мага халат, ак топу издеп жүрүп,— оорунун жакшысы болчу беле...

Үн катпайм, табылган халатты нарыдан-бери жамынып, ак топуну бөлүм башчыныкындай боосунан байлап кийдим эле чокчоюп төбөмө түзүк отурган жок. «Мейли, отурушунча. Эми баштаган жагына жүрө берем» деп каякка десе эле ынтылганы турам.

— Жүрөгүңүз түшпөйбү, баягыда Эралиев деген жигит киного тартам деп болбой жатып, сизге окшоп кирип алып жаман болгон.

— Коркпойм, — дедим. «Ушинтип кирсем ал мени таанып бекен» — деп күзгүдөн өзүмдү карап тургам.

Залды бойлото эки катар коюлган керебеттерде адамдар колундагыларын окуп, көбү шыпты тиктеп жатышат.



Түтүк аркылуу жылган кандан көз айырбай медсестралар Жыпар менен Чынара отурат. Көз айнек тагынып алган Сүкөмдү аз жерден өзүм да таанибай кала жаздадым. Газета окуп жатыптыр. Керебети чын эле айнек тушта экен. Бизди байкаган жок. Роза Гапаровна:

— Сүймөнкул Чокморович, акыбалыңыз кандай? Сизди журналист издеп келиптир, — дегенде гана бизди карады.

— А силер белеңер, келдиңерби? — деп мага колун сунду да, — Ыракмат, Роза Гапаровна, акыбалыбыз жаман эмес. Биз анча-мынчаны көрмөмүш болуп коёбуз... А бул жигит менин эл биле элек турмушум болсо таап жазам деп жүрөт. «Колуңдан келбейт деп койгом» деп тиштерин кашкайта күлдү. Ушул тиштери менен жайдын ысык күндөрү муздаткычка атайын тоңдурган муздарды качыратып жегенин өз көзүм менен көрбөдүмбү. «Ошого көнүп алды. Муз деген суусаганын басканы менен түндөсү жөтөлүп чыгат» деп кабатырланган Сүкөмдүн өмүрлүк жары Салима эже. Сүкөм менен турмуш жолун бир басып, анын кубанычы, жакшылыгын тең бөлүшкөн Салима Шабазова азыр Кыргызстан мамлекеттик сүрөт музейинин директору болуп эмгектенет. Экөөнүн 1972-жылы төрөлгөн Бактыгул аттуу баласы бар.

— Көрөм дейт, бизде көрө турган эч нерсе жок, — деди Р. Г. Мемешова.

А мен дароо эле көрдүм. Сүкөмдүн кыйгылы жок, чайыттай тунук көздөрүн, саал-паал тер чыбырчыктаган жылдыздуу жүзүн, аскадан аскага эликтей түйүлгөн, азоолорду теминген узун буттарын, домбураны зар какшатып Темир таздын баянын төктүргөн шадылуу билектерин көрдүм. Керебетинин жанынан ачык асмандын алакандай көгүш үзүмү көрүнүп турат экен.

— Көрөсүнбү? — Сүймөнкул абам билегин жапкан сүлгүнү көтөрмөк болгондо баш чайкап жибердим. Ал ушул жатышында сүрөт тартып, суй жыгылган кыястуу, түтүк аркылуу жүгүргөн кыпкызыл кан эртеңки күнгө, эмгекчил билектин бөксөөсүнө кубат ташып жаткансыйт...

— Ушундай...— деди Сүкөм... Жаңагы мен көргөн асмандын көгүш четин тиктеп алыптыр. Күндө тиктейт окшойт. Бирин-экин камдаган суроолорум бар эле бере албадым. Бул жердин тынчтыгын бузуп койгонумду сезип калдым, адамдар улам бирден баш көтөрүп, бизди карай баштаган. Кетиштин камын кылып:

— Сүкө, баягыдай жумуштан жолугалы,— дедим.

— Биринчи телефон чал, убара болуп калба, — деп

шадылуу колун сунду. Ким менен болсо да кол алышып коштошкондy жакшы көрөт экен, анысы жагып калды мага. Залдан аста чыгып баратып, баягы асмандын көгүш үзүмүн Сүймөнкул абамдын кайсыл бир эмгегинен учуратканымды бирок, кайсынысынан экенин түзүк эстей албадым.

— Сүймөнкул Чокморович алты жылдан бери бизде дарыланат. Бир сапар режим бузганын же бирөөбүзгө тике карап сүйлөгөнүн укпадык, — деди коридордо күтүп турган Роза Гапаровна. — Өтө кичи пейил, кыйын учурларда солк этпеген сабырдуу мындай адамды биринчи көрүшүм. Оорусун билет... Бирге жаткандардын көңүлүн көтөргөнүчү. Ишенесизби, процедурага келгендер, айрыкча жаштар кирелек жатып, Чокморовду издешет, анын жатканын көргөндөн кийин жашырганда эмне, кадимкидей маанайлары көтөрүлө түшөт. Көпчүлүккө таяныч-жөлөк, караан болот деген ошол экен да. Анын карапайым, жөнөкөй адам экенин ушундан билиңиз, сыркоосу башталып, биздин клиникага каттай баштаганда Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты катары өзүнчө бөлмөгө жаткыралы десек, туйлап: «Эл менен болом, аралашып эл жаткан жерге жатам» деп бизди кайра осол кылган. Эрктүүлүгүнө, өжөрлүгүнө таң калабыз. Али да «Киного тартылып бериңиз» деп Союздан бери келип жүрүшкөнүн угуп калам. Бир казак режиссер «Менин фильмиме ойноп берсеңиз», деп адеп суранып жүргөн. Каршы эмеспиз. Эгерде шартын түзүп (Алматынын өзүндө режимин бузбай дарылана турган болсо) берсе, анын толук мүмкүнчүлүгү бар.

...Оорукананын халат, топусун чечип берип, жалгыз келип, жалгыз кетип бара тканымабы, өзүнчө эле кусаланып кеттим да жанатан бери баарлашып, ылым санаша түшкөн Роза Гапаровнаны кадимкидей жакынсынтып: «Эже, Сүймөнкул абам кургак учукту жеңген адам, ушул оорусунан айыктырып бериңиздерчи! Эл аны экрандан издеп атышат, эл Сүкөмдү сагынып калыптыр!..» дедим.

Оорукана дан чыгып, күн тийген, таптаза көчөлөрдүн бири менен (анын жарашыгы менен деле, жадыраган күнү менен деле ишим жок) умсунган бойдон келатып, ак көңүл акын Алыкулду эстедим. Ырында калган жакшылыгы, алоо табы али күнчө жылытып келет. «Победасын» айдатып, көркөм шаарына кумары канбай кыдырып өткөн көчө менен келатып, адамдарга замзамдын дарысын берем деген адамзаттын айкөлүн эстеп, көңүлүм ачылды.

— Тамекиң барбы? — деди бирөө аркаман. Желкеме



бир койгондой болду, аста дагы сурашпайт. Килейген эки улан эки жагыман чыгып, тамеки сурашты. Үрпөк чачтардын билегинде күч чатырайт, көрүп турам. «Жок» — дедим. Менден бойлору пас болгондо сатып чеккиле дейт элем. Жол күзөтүп кала бериштн, мен бербесем (чынында тамеки тиштеп көрбөсөм) дагы бир пендеси шеренкесин кошо күйгүзүшүп берет да... Билегиндеги өгүздүн күчүн каякка жумшаарын билбеген (өмүр бою тамеки сурап өтүшпөсө экен дейм...) уландардын курагында Сүймөнкул абам волейбол, узундукка секирүү боюнча шаардын курама командасында ойноп, кечкурун көмкөрөсүнөн түшүп сүрөт тартчу экен.

* * *

Качан башбакпайын бош эмес, үстүндө эки-үч кишинин башы биригип маселе чечип жатышкан болот же жалгыз болсо (чанда эле болбосо) сол колунда телефон, оң колунда ручка. Анысы менен «Кире бер», деп жаңсап коет. Келгенимди билгендей телефондор (дайыма ушундай!) кычап бирин койсо, бири «чыркырап», Алматыдан чоң көргөзмө сүрөтчүлөрдүн жаңы эмгектеринен сурады, Ашхабаддан жаш сүрөтчүлөрдүн семинарына киши жибергиле деп өтүнүштү, анан жооптуу секретарь экөөлөп бүгүнкү башкарманын заседаниесине коюлчу маселелерди бышыктап чыгышты. Отурганыма жарым саат болду, кол алышканыбыз болбосо бир ооз сүйлөшө элекпиз. Кирген-чыккан көбөйдү, жарым барак кагаздын маселеси жарым саатты алып жатса да чоң ишпи, майда ишпи Сүкөм кабагымкашым дебей маңызына жетип, сергек отуруп чечип жатты. Түшкү саат бирге жакын калганда ордунан турду.

— Коош, бүгүнкүгө кандай суроолоруң бар?

— Чарчадыңыз го...— дедим баятан былк этпей отурганга өзүмдүн да денем талый түшкөн.

— Чарчадым деп айттымбы?

— Жок, көрүп турбаймынбы, тындырбайт экен.

— Башыбызды байлагандан кийин, бошондоткон го акыбыз жок. Көп максаттар бар алдыбызда, эсенчилик болсо...

— Ден соолукту караганды эстен чыгарбаңыз.

— Аны ойлоп отурсак, ишибизди бирөө келип жасап береби, элдин ишеними отургузбайт экен.

— Негизгиси режим эмеспи...

— Режим дегенде... Мисалы үчүн азыр катуу суусап турам. Болгону ошо. Кулагыма мөл булактын шылдыры угулат. Туптунук, муп-муздак. Бассам-турсам, бирөө жа-

рым менен сүйлөшүп атсам да, а түгүл телефондон да булактын шылдырын угам. Билесиңби, врачтар мага суткасына үч стакандан ашык суу ичпейсиң деген. Суткасына үч гана стакан! Ашыкчасы зыян. Азыр түшкө жеткизбей үч стакан суумду, нормамды ичип салдым (саатыма карасам туп-туура бир болуптур). Эми эртеңки күнгө чейин чыдашым керек. Бир ууртам суу режимге балта чабат. Суусаган сайын төө жаныбарды эстейм. Бир айлык суусун бир ичет экен да, тикенегин жеп, жыргап чөлүн кезип жүрө берет экен, а биз төө эмес экенбиз... Бир жолу тамагым какшып, жаным көзүмө көрүнгөндө болушунча болсун деп үч литр сууну бир көтөрүп ичип салдым. Булактын шылдыры тып басылды. А курсак чыгып кетти. Эртеси басалбай калдым. Врачтарга сууну көп ичип алганымды айттым. Арыданбери жаныма адам кошуп, Москвага учурушту. Операциялык жол менен баягы тик туруп ичкен суумду сордуруп алышты. Ошондон кийин, режимди такыр бузганым жок. Маа демектен күйүп баратсам да, чыдап жүрө берем. А булактын шылдыры дагы эле кубалап жүрөт...

Каарманым үйүнө кетти. А мен көнгөн чайканама өттүм (аман болсун жалгыз чайкана!). Чайкор ашыналарым тердеп-тепчип, Бакир аканын чайынын адебин берип жатышыптыр. «Өзүңө пиала ала кел» дешти, киргенимде эле. Пиаланын чоңурагынан тандап келип, олтура элек «Толтура, толтура куйгула» дедим. Пиала аркасынан пиала бошотом, суусун канбайт, кулагымда Сүкөмдүн «Булактын шылдыры угулат» деген сөзү жаңырып турат. «Куйгула» дейм, пиаланы мыкчып, өзүм чала-була тердеп чыктым. Кулагыма мол булактын шылдыры угулат...

* * *

Ишемби күнү Чоң-Ташка, Сүймөнкул абамдын айылына баратып, «Көчөт ала кетели» дегенинен Ош базарына бурулдук. Көчөт көп экен базарда. Күндөн жашырып, көчөттөрдүн тамырына чолок тон, жаман-жуман чүпүрөктөрдү таштап, мүрүсүнө чейин баткак-чыла болгон кемпир-чалдарды, мойсопут адамдарды (бирин-серин көк баштар да жүрөт) аралап, шабдаалынын көчөтүн издеп жүрдүк. «Апорт, эки жылда түшүмүн үзүп каласыз, алып кеткиле!», «Гиластики бар, гиластин көчөтү керекпи?», «Өрүктүкү мына, кагын, кыямын жеп, мага ыракмат айтасыз». «Мажүрүм талдын көлөкөсүндө отурдуңуз беле, алпарып сайып коюңуз, өзү эле өсөт, арзан берем...» Көчөт саткандар кардарларын этектеп, бу базардын мындай кызыктуу



болорун мурда билген эмесмин. Шабдаалынын көчөтү учураган жок. Узун катардын аягына чыгып, Сүкөм көчөт саткандарды тиктеп туруп калды. «Жаңы сюжет тапты го» деп турсам, Сүкөм мага бурулуп, мындай деди: — Карачы, мынабу элди, ден соолук болгондо көчөт сатып эле оокат кылмакмын...

Айылга жетпей күн жүрүш тарапта созулуп жаткан кең талаанын четине келип токтодук.

— Балалыгым ушул талаада өттү. Ортосунда килейген кулач жеткис жоон дарак болор эле. Талаада иштегендер анын чоң көлөкөсүндө түштөнүп укташчу. Чоңдор анын көлөкөсүндө уктап жатканда, биз балдар анын тарбайган шактары менен кылда учуна чыгып барып, алыс жактарды тиктеп, өзүбүзчө кыялданып көкүрөккө максат түйчү элек. А кечинде, күн уясына батып баратканда биз, балдар жалгыз дарактан көз айрыбай отурчубуз. Куштар келип конгонун көрсөк, көз байланганда даярдап койгон узун бакан, чырактарыбызды көтөрүп жүгүрүп жетчүүбүз. Чыракты жандырып, бакандын учундагы илмекке илип, коногосунда отурган кыргыйды шырп алдырбай издечүүбүз. Бечара парандалар чырактын жарыгында эч нерсе көрө албайт. А биз бакандын учундагы илмекти шашпай мойнуна илип, ылдый тартар элек... Ошол дарак биз үчүн жомок эле... Аркы айылдык бир араккор шериги менен ичкиликке тоюп алып, бир тракторго учкашып келет да, айылдын тумардай көргөн дарагын түбүнөн кесип, жүктөп кете беришет. Эл эртеси уйкудан туруп сыртка чыкса, баягы дүпүйгөн дарак көрүнбөйт. Ошондогу элдин наразычылыгын сөз менен айтып бере албайм го. Карасаң, бир оюу пас, өзүмчүлдүн караөзгөйлүгүнөн эки айыл көздөй көргөн дарагынан айрылды. Бул го мындан нечен жылдар илгери болгон иш, азыр андан оңолуп калдыкпы?.. Оңолсок кана... Бирөө-жарымдын көзү көрбөсө болду, колго киргенди чаап-жыгып, маа демектен тукуму курут болуп кетсин. «Бул жердин байлыгы мага бүгүн керек, эртеңкисин эртеңкилер өздөрү ойлонсун» деген ичи тардык ашынып кетти. Арал деңизиндеги трагедияны уккан сайын, окуган сайын башыбызды чайкап коюп, андан кем эмес жапа чегип жаткан Ысык-Көлүбүз менен ишибиз жок. Ден соолукка бычак болуп кадалган түштүктүн тамекисин жазып түбүнө жеттикпи, бу турат. Арстанбаптын токоюн чекесинен кыйып, көмүрдүн ордуна жагып, кыштан жан сактап чыккандар жөнүндө ооз учунда сөз кылабыз, а жок дегенде кол учунда көмөк көрсөттүкпү, жок бу турат. Ушундай кудайдан коркпогурлардын табияттын керемети,

касиеттүү сулуулугу менен иши барбы?!. Андайлар босогосунан аркыны көрө албайт.

Сүкөм төрөлгөн, жерден боорун көтөргөн жомоктогудай кичинекей үй азыр жанындагы заңкайган чоң тамдын көлөкөсүндө калыптыр. Саар-кеч эрбелеңдеп, эшик-сырттан көк муштум болуп тоңуп кирип, баса калчу мештин орду небак бузулуптур, көк чыгып кетиптир. Калган жери күнү бүгүнкүсүндөй, мезгил ага тийбей айланып өтүп кеткендей... Мен дагы өзүмдү ушул үйдө чоңойгондой, ушул мештин боюнда (баары куду биздикиндей!) кыпкызыл боорун кучактап, кыштын узакы түнү терезеден иттердин абалагы, алыс жакка бараткан атчандардын аяздуу түндө жаңырган доошу, үзөңгүлөрдүн кагышканы, жаныбар аттардын бышкырганы кулагыма илине калып жатпайбы...

— Ар кимибизге айылыбыздан өткөн куттуу жер жок. Айылым, алтын казыгым дептир го. Жумушум болбосо алтынчы, базар күндөрү шаарда калбайм. Иштейм десем, айылда деле өнөрканам (аны да шашпай көрүп чыктык) бар. Бу жерден мен айылдын тарбиясы жөнүндө айткым келет. Бизди алып көр мисалга, жети-сегизге чыга элек колубуз тизгинге жетип, аттын жонунан түшкөнүбүз жок. Эс тарткандан ат токуп, мал жайдык, кой кырктык, уй саадык, казан да каралаштык. Ушулар тарбия экен...

Айылда өзүң билесиң, сааткa карашпайт, күн чыктыбы батканча иштешет. Мына, чачыма ак кирип калды, балалыгымды эстесем көкүрөгүм тыбырайт... Балалыкты эстегидей да бир нерсе болуш керек турбайбы... Азыр айылда көп мал кармабай калышты. «Биздин көңгө, чылага оонаганыбыз жетет, балдарым кичине адамга окшоп жашасын» деген ата-энелер балдарынын айылдагы тамырын үзүп, көп өнөрдөн кол жуугузуп койду. Мындай үйдө чоңойгон балдар көң чеңгелдемек турсун, өзүнө калааны калканч кылып, жылына келсе бир келип, ата-эненин эташынан, мөмө-чөмө кыямынан чогултуп жонуна көтөрөт да, келерки жылга чейин кайыр-кош деп жолуна түшөт. Күйүмчүлдүк, адамга эбиз-жабыздык (жакшылык кылуу) өзүнүн тактысынан ушундайда тая баштайт экен. Карачы, кеселдин баары өзүбүздө...

* * *

Сүкөмдүн бир тууганы Бакыя аба (алар тогуз бир тууган) үйүнө чакырды. Сүкөм дубалда илинген комузду алдырып, тээк, буроолорун көпкө чейин кармалап, бир аз



чертимиш болду. Сары кумурскалардын уюгу бар дөбөчөнү да ошол күнү көрдүк. «Колума сөөл чыгып, көбөйүп кетти. Ыраматылык энем талдын башына чыгарып, чыбык кестирди да кабыгын таза аарчытып, ырымдамыш болуп ушу дөбөчөгө, кумурскалардын уюгуна таштап койду. Макулуктар кечке кара комок болуп, чыбыкта үймөлөктөшүп жатты. Кечинде энем көк чыбыкты алдырып, мага жалатты эле ишенесиңби, сага жалган мага чын баягы бадырайган түрү суук сөөлдөрдүн качан күбүлүп түшкөнүн өзүм да билбейм. А кезде ошентип эле өзүбүздү-өзүбүз дарылай берчү экенбиз. Жашымдан оорукчан болуп өстүм. Жылаандын терисин да миндин бири болот деп энем нанга кошуп жедирген имиш. Мектепке бараар жылым суук өтүп, катуу оорудум. Колу-бутум кыймылдабай өмгөктөп калгам. Шаарга, Намырбек агамдыкына көп келчүмүн. Анда бечара Роза Рыскелдинова жеңемин көзү тирүү. (Телевидениеде диктор болуп иштеген). Үйрүлүп түшүп, тапкан-ташыганын оозума кармап турчу. Өздөрү бир дунгандын көчүк айланбаган үйүндө акы төлөп жашашчу. Ошол катуу оорудан жанда жок боорукер, бирөөнүкүн өзүнүн баласынан кем көрбөгөн В. К. Гуревич деген врач аял дарылап айыктырды. Умай энем менен катышып турам. Тээ илгери «Россия» кинотеатрында «Караш-Караш» фильминин премьерасы болуп, биз, башкы ролдо ойногондор көрүүчүлөр менен жолугушмакпыз. Ошол күнү издеп жүрүп В. К. Гуревичти таап келдим да, кинотеатрдын алдыңкы катарына олтургузуп: — Азыр баягы «оорукчан» балаңызды көрөсүз... дедим. Мага тийген чоң кучак гүлдестени сахнадан көтөрүп түшүп, кургак учуктан аман алып калган умай энеме берсем, эл дүркүрөтө кол чапты. Алар дагы, менин бала кездеги врачым да күтпөсө керек, бекем кучактап алыптыр, жашып жүрөт, менин да көзүмө жаш тегеренип... Миң мертебе ыракмат, Вера Константиновна, сиз болбосоңуз киного тартылат белем, ким билет... десем, «Мээнет-запкыны сен көп тарттың, Суйменкул! Сен дагы эл көргөндү көрүшүң, көгөрүп-агарышың керек!» деген эле ошондо кыргыз дегенде өпкө-жүрөгүн кошо чаап жибергенден кайра тартпаган адам.»

Боору менен сойлоп калган балакайдын бүлбүлдөгөн билигин жалындаткан, кыргыз элине тандырдын алоосундай мээрими, жүрөгүнүн толтосунда түгөйлүк зыйнаты бар, эки элге тең жылдыздуу, саамайы сары алтын Вера Константиновна Гуревичтин алдына Сүкөм менен кошо барып, терең тамырлуу улукман энеге таазим кылам деп ичимден убада бердим. Ошондо улукман энебиз менен бир



ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 391516

шаарда жашап, бир арыктан суу ичип, бирок көбүбүздү «баштамыш» болгон келегей ойлуу макаласы менен «көк бөрү» тарттырып, бир башына отуздай макала «багыштаткан» баягы эсирген эжебизди да арга жоктон эстээрмин...

* * *

Бакыя байкенин чакан багында, тээ Эне-Сайдан бери келген балбан таштардын маңдайында Сүкөм экөөбүз сөөмөйгө сайылган тикенектей көкүрөктө үйүп жүргөн көп маселенин учугун чубап отурдук.

— Өзүм куражтуу бир адамды билем, маал-маал учурашып калат. Бакыбат, аркасынан карасаң, спортсмендин тулкусу. Ошого жараша чеке тердетип, жалчытып иш кылганын көрбөдүм. Теңирим андайга ден соолукту да аябайт экен, чүйгүндөп курсак кампайтып, туш келген жерде кайсынысынан болсо кылкылдатып, оору деген түшүнө да кирбесе керек. (Ылайым эле, алты саны аман жүрсүн!). Бирок, качан көрсөм ыргыткан ташы өйдө кулаган адамдай башына жүн чыгып муңайып көрбөгөндөй уйкусу бөлүнбөй, санаасы түйшөлбөй, жылжыган суудай өтүп жаткан өмүрүнө каниет-тооп кылып, керилип басып жүргөнү ойлондурат. Жок эмес, жаттап алган философиясы бар: «Бу жарыкчылыкка кайтып конок болбогондон кийин өкмөттүн кызматы деп, чыркырап, тогуз тоголонсок өзүбүздү эрте күндө түгөтүп албайбызбы, байкебай! Жакалашпасак деле бүтүп келген иш, бүтө берет...» деп калат. Заманыбыздын адилдиги үчүн бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып, жапа тырмак күрөшүп жатканда тигинтип, ааламды сел алса, согончогунан келбеген «ток пейил», өзгөнү коюп, өзүн ойлогон өзүмчүлдүк кайра куруунун арымына бут тоскондук. Кээде карап туруп, ушу «кутудагы» адам өмүрүндө бир жолу маңдай тердин кубанычын тытып толкубаса да керек, өмүрүндө бирин-экин чечкиндүүлүк кылып, жаздым басып, жапа чегип томсорбосо да керек, тек гана «сен тийбесең, мен тийбейм» деген ылык-ысык принципти ык тутуп, күн кечкиртип, а жашоонун ширин-ширин бактылуу мүнөттөрү болоруна баамы да жетпесе керек. Андайлардын дүйнөсүндөгү жакшылык менен кайрымдуулуктун үрөнүнө суу жетпей калган...

— Сүймөнкул аба, кайрымдуулук, күйүмчүлдүк жашообузду жылытып келет. Ансыз жан-дүйнөбүз серт, сенек, а коомубуз кедей... Чын-чынына келгенде жылуу сөзүбүзгө дилгир мамилебизге муктаж, жакшылыктан көзү учуп тургандар арабызда жокпу?!. Азыр кайрымдуулуктун танкыстыгы адамзаттын зор мамилесине айланып олтурат.

— Албетте, мунуң туура. Өзүң эле калыс болчу, канаттууга кактырбай алаканында бөпөлөп, бой жеткизген баласы тиши түшкөн ата-энесин кан-какшатып, түндүгүн түшүрүп каралашпай басып кетсе, күнөөнү кимден издейбиз? Шыпааканада (ооруканада) жылуу сөзгө зар болгон оорулууну, тейлөө мекемесиндеги ыйманына камчы чапкандардан көз көрүнө кагуу жеп, калчылдаган кары-картаңдарды, аягы суюк «алтын тиш» аялдардын «ойноп жүрүп» тапкан бейкүнөө наристелердин жетимдик кайгысын, көп балалуу эненин төө көтөргүс түйшүгүн, күлгүн курагын керебетке таңып, жазмыштын күнүн көргөн майыптардын эстен чыккан тагдырларын канчага чейин көрсөк-көрмөксөн, билсек-билмексен болобуз. Чындыктын чынарлары — күмүш сакал карыялардын сөзүн уктуң беле? «Мурда адамдар бири-бирине кыйла жапакеч, күйүмчүл болчу эле. Жетишкен сайын уучубуз карышып, кунарыбыз учуп кетип баратат. Жарым түндө эшик каккан жолоочунун жөнүн сурабай киргизип, бар тапканыбызды алдына коюп берчү элек, азыр дарбазаны аттай элек, итибиз абалап, өзүбүз ичкериден: «Ким бул, эмне керек?!.» деп доош кылып, сурачу болдук...» деген. Билгенге бул — өзүбүздү-өзүбүз жекиргенибиз, кайрымдуулук дөөлөтүнөн аздыр-көптүр кемигенибиз. «Жакшылык өлбөйт, ал эртеби-кечпи ээсине кайтат» деген илгеркилер.


— Сүкө, адамдарга жакшылык кылуунун кылымдардан берки сабагы бар. Мындай асылзаадалык адам баласынын көчөт кезинен тамырлап, көкүрөккө барат деп жүрүшөт. Кооздукка, сулуулукка көз ачылып, туюмдун поэзиясы да ошондо түптөлөт. Сократтын «Кооздукту түшүнүү көкүрөккө жараша» деп айтканы бар го.

— Кооздукту түшүнүү, анын эстетикасына кумарлануу бармактай кезден түйүлөт дегениң да туура. Мисалы, музыканын, көркөм полотнонун лирикасын, философиясын скульптуранын пластикалык тилин түшүнүү да кырчын кезден калыптанат. А деген талант. Моцарттын «Реквием» угуп жаткан тили бөлөк, дили башка адамдар да чыгармадагы улуу композитордун жашоосу токтоп калган эпизодго келгенде кадимкидей жашып кетишет. Сезимдердин түгөйлүгүн, музыканын сыйкырын караңызчы! Ошол эле угармандардын арасында ооз көптүрүп айта жүрүш каада-касиети үчүн гана кошулуп калгандардын чыгарма «жибите» албаган жарды дүйнөсүн бир эсе аяйсың... Искусствого болгон мажирөөлүктүн тамырын кайтып эле

балалыктан издегенибиз дурус. Мектепте ыр, сүрөт сабактарына (өзгөчө айылда) алиге чейин жеңил-желпи карашат. «Ырды мал баксаң, тоо-түздө ырдасаң болот, а сүрөтчү болуп жалчып кеткендерди да учурата элекпиз. Эсиң болсо, математика менен химиядан баш көтөрбө, азыр ошол илимдердин заманы» деп балдарынын кулагына куюп, өткүр сезимине жөргөмүштүн желесин тарткан ата-энелерди да көрүп жүрөбүз. Алардан мугалимдер ашып түшөт. Көп жерлерде сүрөттөн, ырдан адистиги жок, эптеп-септеп «саатка жеткен» мугалимдер билгенинче сабак өтүшөт. Сааттар аз. Аягы эмне болот? Кулунчак кезден искусствого кайдыгерлик жаралат.

«Симфония — жан-дүйнөмдүн төгүлүүсү» дептир Чайковский. Менимче, «Дон Кихот», «Король Лир», «Согуш жана тынчтык», «Кыямат» сыяктуу классикалык чыгармаларсыз, Рембрандттын атактуу полотнолорусуз, Бетховендин музыкаларысыз биз жашаган дүйнө алда канча жарды болуп турмак. Александр Ивановдун «Христостун элге келиши» аттуу картинасы дүйнөдөгү тендеши жок чыгарма. Көп өлкөлөрдө болдум, ар кайсы доорго таандык живопистин шедеврлерин көрдүм. Бирок, мага композициясы, тартылыш чеберчилиги, философиялык терендеги, адамдардын психологиясынын берилиши жагынан ага тендеш чыгарма чалдыккан жок. Третьяковкага кирген эл бул ажайып картинанын маңдайында саатгап турушат. Дагы бир сөз, Брюллов, Левитан, Перов, Айвазовский, Крамской, Репиндин полотнолоруна арбалган көрүүчүлөрдүн ой-сезими сүрөтчүнүн бай дүйнөсү менен жуурулушуп, ортодогу узак мезгил көз ирмемге айланып, кадимкидей «сүйлөшүп» турушат. Рембрандттын сүрөттөрүн карап көрчү, ар бир чыгармасын жүрөк каны менен жазган. Бир кызык нерсе, борбор жакта жүрүп, жаңы ачылган көргөзмөнү аралап калдым. Белгилүү эле сүрөтчүнүн полотносунун алдында турган тестиер бала атасына карап «Мындай сүрөттү тартыш менин да колумдан келет» дебедиби. Мындай сөздү Рафаэль, Леонардо до Винчи, Ван Дойка, Рембрандт, Энгра же Гоянын полотнолорунун жанынан угасыңбы? Жок. Тилекке каршы, бизди айтпайлы, ошол борбордун өзүндө жарым-жан чыгарма жаратып, аны үнүнүн жетишинче жар салып, кудуретсиздигин эл көзүнө көшөгөлөгөн сүрөтчүлөр жолугат. «Кечирип коёт экенсиз, сиз зоотехниксиз, мен деген сүрөтчү болом. Сиз биздин профессионалдардын полотносун түшүнүп, талдап-сындаганга акыл азууңуз чыга элек. Мен сүрөтчүмүн, сиздин койлорду кандай уруктандырып жатканыңызга киришкеним жок






Туулган жердин керемет сулуулугун сүрөткө тартуу. 1977-жыл

1





XX кылымдын Гомери, улуу манасчы Саякбай Каралаев менен. 1966-жыл



«Фердинанд Люстун өмүрү жана өлүмү» аттуу фильмге Японияда тартылып жүргөн маалы. 1977-жыл

2







«Караш-Караш фильминдеги Бактыгулдун ролунда.


«Ысык-Көлдүн кызгалдактары» фильминде Карабалтанын ролунда (төмөнкүсү).

«Жалаң эркектер» кинофильминде Касымдын ролунда. 1981-жыл.



Социалисттик Эмгектин Баатыры, Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты, Кыргыз эл жазуучусу Чыңгыз Айтматов жана Москва Олимпиадасынын коло медалынын ээси, жөө күлүк Сатымкул Жуманазаров менен.

4







5

«Айылдаштарым» аттуу чыгармасынын үстүндө иштөөдө (жогоруда).

«Уздар» аттуу эмгеги.


«Кыргызстан кинематографисттери» аттуу сүрөтү. 1986-жыл



С. Чокморов Кыргыз эл акыны Сүйүнбай Эралиев менен. 1988-жыл



Даниялык сүрөтчүнүн өнөрканасында.



«Ойлордон ойго батып түпсүз сансыз...».

Алыкул.

го. Сиз дагы көргөзмөнү көрдүңүзбү, үндөбөй кете бериңиз» деп көрүүчүлөрүнө наалыгандык, акылдуусунуу узакка алып барбайт. Ошо зоотехниктин айткан пикирин сүрөтчү билсе, алтынга барабар эле. Акыл чөйчөгүбүзду толуктай, мелт-калт кылып турбасак кыл калемдин кудурети (ал болсо) качат. Пушкинсиз сүрөтчү жашай алабы, Толстой, Достоевский, Тургеневди боюбузга сиңирбей, Карамолдо, Саякбайдын кереметтүү дүйнөсүнөн чаңкоо кандырбай жаткан чыгармаң кимди өзүнө тартат?! Жаратылыш менен адамды тартаардан мурда ага суктангынды үйрөнсөк, көздү каныктырсак, ошондо туйган-сезгенден, суктануудан чыныгы эмгек жаралат.

— Сизди алыс-жуукка киноактер катар көп чакырышат. Бейтааныш өлкө, алыскы сапар сүрөтчүгө көп табылга туш кылат деп жүрүшөт.

— Каирде, Азия жана Африка өлкөлөрүнүн кинофестивалы өтүп калды. «Шератон» мейманканасы Нилдин так эле боюнда экен, ошондо жашадык. Анча алыс эмес жерде журт сураган илгерки падыша Рамзестин эстелиги турат. Нилдин каякка карап акканын билбейсиң, өтө тунук эмес, бозгумтул. Каир эрте ойгонот. Мен да көнгөн адатымча таң атпай этюднигимди көтөрүп, Нилди бойлоп кетем. Кинофестивалдын катышуучуларын автобус менен ташып атты. Мен жөө барып, жөө келем. Бир күнү Нилди бойлоп кетип баратсам, бир жерде жап-жалгыз, кооз пальма өсүп турат. Этюднигимди жайгаштырып атсам, бир канаттуу келип конуп калды. Мындай карасам, биздин эле ала карга. Бечаранын уясы бар экен. Ысык аптапка биз, адамдар араң чыдап жүрсөк, быкпырдай кайнаган эли бар Египеттин чоң шаарынан алыс кетпей күнүн көргөн бу кургурдун өжөрлүгүнө таң калдым. Дагы бир күнү Нилдин жээгинде сүрөт тартып отурсам, жаныма толкун мүлжүп, эскилиги жеткен анча чоң эмес кайык келип токтоп калды. Кайыкта бир үй-бүлө жашайт экен. Кырк-кырк бештерге келип калган эркек жээкке секирип түшүп, казык кагып, кайыкты байлап койду. Балдар көп, баары майда экен, жээкке чыгып кубалашып ойной башташты. Эчкилери бар экен, өздөрү эле кайыктан түшүп, балдардан алыс кетпей аны-муну искемиш болот бечаралар. Поок кармашат экен, алары да бир чекеге жайылып... Эркек бир жакка кетти. Аялы бала, поок, эчкилери менен деле иши жок, жээкте турган калдык таштоочу ящикке бир нерселерди ташып, төгүп жүрдү. Бир маалда аркасына бир нерсе көтөрүп, баягы эркеги келди, келери менен аял жээкке карап кыйкырды эле, ишенесиңби, ойноп жүргөн балдар,

жайылып жүргөн баягы тоок, эчкилер (таза үйрөнүшкөн экен) бирден чубап кайыкка чыгышты. Андан мен бир үзүм жашоосуна күбө болгон кайыктагы үй-бүлө Нилдин агымы менен сүзүп кетти. Көрсө, Нилди туур кылып, кайыкта күн көргөн, жакырчылык белге тепкен үй-бүлөлөр жылдын төрт мезгили дарыянын башынан аягына, аягынан кайра башына сүзүп өмүр кечиришет турбайбы...

— Чет өлкөлөрдө жүргөнүңүздө Кыргызстанды сурамжылагандар көп болор?

— Чет өлкөлөргө барганда мени советтик киноактер деп тааныштырып жүрүштү. Билип алгандар Кыргызстан жөнүндө, элибиздин турмушуна, салт-санаасына кызыгышат. Англиядагы бир жолугушуу эсимде. Биздин туристтик топто бир канча кыргыздар бар элек (тамождук кагазыбызды толтурганда улутуң деген жерге орус деп жазабыз), билип алышканбы, «Чыңгыздын тилинде сүйлөгүлөчү, үнүңөрдүн музыкалуулугун угалы, ырдап бергилечи», деп бура бастырбай коюшту. Чогуу ырдайлы десек, кыргызча бир ырды толук билбейбиз. «Кыргыз Гимнин ырдайлы эмесе» деп бири-бирибизди астыртан карайбыз, аны дагы толук билбегендер бар экен. Бир, экөөбүз ырдап бердик. Баш бармагын көрсөтүшүп, жанады калбай кол чабышты. Ошондо жан теребиз менен туйдук го, элди тил сактайт экен... Расул Гамзатов «Бүгүн тилим өлсө, эртең өзүм жок болууга даярмын» деп кандай акылмандык менен айткан. Тил маселесин бир шилтөө менен чечүүгө ык койгон макалалар көбөйүп кетти. Бирэкөөсүн окуп алып, авторлорунун козгоп жаткан маселесине анча күйбөгөндүгүн байкадым. Кош тилдүүлүк — каалагандай жазып, туш келген тарабынан жиреп кетчү маселелерден эмес. Угушума караганда, басма сөз жөнүндөгү закон кабыл алынат дейт, анда «Ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлө» дегендей утурумдук чуу чыгарууга гана чамасы жеткен макалалардын тизгини тартылып, ою терең, эртеңибиздин камын жеген калыс, кайра куруута кызмат өтөгөн материалдарды көбүрөөк окуйт экенбиз. Тилге байланыштуу бир кеп. Биздин үй Панфилов паркынын четинде. Дискотекадан бир күн кур эмес. Айла жоктон түндүн бир оокумуна чейин тыңшап жатам. Кавказ элинин «Лезгинкасын» кайра-кайра коюшуп, үйдү солкулдатып бийлешет. Кыргызча бир музыка укпадым. Же кыргыздын ыр-күүлөрүнө бийлөөгө болбойбу? Эралиева ырдаганда ошол эле Штраустун музыкасына бийлеген вальсты неге бийлөөгө болбосун?! Болот. Жаштарга интернационалдык тарбия берүүдө аз эмес жерде жаздым



басып алышыбыз мүмкүн. Эмне үчүн дискотека уюштурган адамдар эмоция менен эмес акыл менен иштешпейт?.. Бул чу дегенде эле оозго илинген мисал...

Бир күндө эки жолу кеч кирбейт, өзүңдүн изиңди өзүң кайра баспайсың, бир эле адамды эки жолу ачпайсың... Журналисттер канчалаган очерк, макала, маектерди жазгандан кийин жолуксак да, Суйменкул аба күлгүн жаштыгын, кыл чайнаткан кыйынчылыктарын, маңдай жарган кубанычын бир ысып, бир муздап айтып отурду.

— Биз адамдар кээде эртели-кеч ишибизден баш көтөрүп, «Тоба, күндөр мынча тез өтөт!?» деп айран калабыз. Сааттын жебеси өмүрдү уурдаган душмандай көрүнүп кетет. Илгерки акылмандардын бири Сократ: «Эй адамдар, силер күндөр тез өтөт деп муңайбагыла, күндөр эмес сенин өмүрүң тез өтүп жатат!» деген. Турмуш калыс, баарын ылгап, баарын орду-ордуна коёт экен. Өмүр бою өзү менен өзү жашынмак ойноп (өзүн-өзү түшүнбөй жүрүп өтүп кеткендер канча), карылыктын табагына кол салып калганда «Тагдыр мага далысын салып кетти, элге атаган ырыскысынан маңдайыма жазбаптыр...» деп өз башын өзү муштагандар да болот. Эгерде өзүң жашаган өмүрдү өзүң түшүнбөй, уясына ылдыйлап кеткенде наалыганың бир тыйын, күнөөнүн баары өзүңдө. Атаганат, бактылуу болуунун искусствосу болгондо барбы... Искусствосу болбосо да жарым-жартылай устаканасы... Адамдар ошол жерден чыкпай, бактылуу болуудан эч нерсесин аяшпайт эле. Ал тургай, кылым карыткан карыялардын ичинен бакыттын мүрөк суусунан көзү кыйбай чака менен сузуп алам дегендер чыкмак. Жашоонун кумарына кандым деп айтыш кыйын экен го. Адам баласы эзели түбүнө жетпеген бу жашоонун табышмактуулугу ошондо бейм. Жер каймактагандан берки адамзатты изилдеген канча китеп жазылды, канча баш ак мөңгү болуп агарды, акыл чөйчөгүбүз менен баарын эле туйгансыйбыз, анан эртеси эле болор-болбос жерден жазып-тайып бир бурчекте камалып, «Тобба, бул эмнеси?» деп желке кашып, башыбыз маң болот. Биздин айылда Сарку деген абышка болор эле, ошо киши айтчу: «Бу адамзатың башынан өткөргөн азап-тозогунан сабак алган болсо, атом бомбасын жасаганга колу көтөрүлмөк турсун, атын оозанган пендесинин катыгын колуна берип коймок. Кана эми ошенткени?!.»

* * *

Чоң-Таштан чыккандан дыбырап баштаган жаан жол ката күчөп, терезеден жолду көрүш кыйын болду.

— Акырын айдап кете берели, — деди Сүкөм «Кичине

басылсын, күтө турбайлыбы» дегениме болбой. Көлчүк сууну бизге жаба чачып, жеңил машиналар куушуп өтөт.

— Каякка шашышат экен? — Коңшулар болот, «куушкан». Ал «Жигули» минсе, мен «Волга» минем, ал «конверт» үй салса, мен кош кабат салам деген. Атаандашуу, көрө албастык пенде баласын билгизбей байлыктын кулуна айландырып коёт...

— Сүкө, бүгүн таңкыстыктын (дефицит) азабын тартып, «жок издеген» адамдарды чекеден учуратчу болдук. «Тааныштык» деген сөз кулакка көп угулчу болду. Күчтүү дарылары текчесинен үзүлбөгөн аптекаларды, жарашыктуу кийимдер үстү-үстүнө жыйылган дүкөндөрдү канчага чейин издейбиз?..

— Жаш кезинде окуган жомокторуңдун аягы эмне менен бүтчү эле, эстечи? Алса алдым, көрсө көрдүм дебеген ач көздүгү ашынган дүйнөкор көзүнөн учкан казынага жетип жыгылчу, анан оңой олжодон чеңгелдеп, өзүнөн-өзү кызганып олтуруп, байлыктын сормо сазына батып кеткенин билбей калчу. Ошол акылдуу жомоктун сабагын өзүнө сиңире албагандарды азыр дагы акча азгырып, жолдон чыгарып жатпайбы. Кийинки жылдары калайыктын үрөйүн учурган канчалаган ири коррупциялардын, ачкөздүктүн сормо сазына жетип жыгылган жетекчилердин мүшкүлдүгүн окуп да, угуп да, жатабыз. Мунун баары барып-келип эле ошол биз сөз кылган «таңкыстыктан», «тааныштыктан» тамыр алган илдеттер. Чын эле аптекага түшкөн дарылардын көбү каякка кетип жатат? Дүкөндөргө бөлүнгөн товарлар кардарларына эмнеге жетпейт? Телевизордон көрүп жүрөбүз. «Бу өлкө менен, тигил мамлекет менен соода келишимин түздүк. Мындан ары аны же муну ала баштайбыз» деп министрлерибиз өнөктөшү менен кол алышып, убада бекиткенин көрөбүз, а товарларын көрбөйбүз. Анын ордуна «Чабан-малчыларга бөлүнгөн тартыш товарлар райкомдун аппаратынан ашкан жок» деп, коңгуроо каккан бирин-серин фельетондорду көзүбүз чалат. Ойлоп көрчү, бир бечара жанын оозуна тиштеп, төшөгүндө чабалактап, жакындары керектүү дарынын сары изине түшүп, чымын жанын алып калсак дешип чапкылашып жүрсө, ошол көздөн учкан дары бирөөнүн бекем сейфинде «таанышын» күтүп жатпайбы... «Керек болсо издеп келишет, күч келгенде таап келишет» деп компоюп, басып жүргөн алып сатарлардын бир күнү болбосо да бир күнү чүмбөтү сыйрылат. Маалымдуулуктун жарыгы социалдык адилеттүүлүктүн ажарын айкын көрсөтүп жатпайбы. Мына, коллектив жетекчисин өздөрү



шайлап, мурдагыдай «түндүктөн түшкөн» кадрлардын аягы суүй баштады. Көрсө, андайларын эл аралагандан айбыгып, кемчилдигимди көзүмө сайып көрсөтүп койбосун деп кеңсесинде камалып, «ач кулактан тынч кулак» гана талаадан келген эсеп-кысап менен иш жүргүзчү. Эл тандаган жетекчи эл жүргөн жерде жүрөт экен, аркасынан «атын айры, изин ийри» деген бирөө-жарым жок, жүзү жарык. Башкаруунун адилеттүүлүгү, тууралыгы мына ушунда эмеспи.

— Байлыкты кадыр-барктын бийик тепкичи катары көргөндөр да бар...

— Каяктагы кадыр-барк!?. Мисалы үчүн, окурмандар жазган китебиңди дүкөндүн текчесине, желе баскан китептердин жанына калтырбай талап кетсе, ошол кадыр-барк. А тиги жөн эле куу чирендик. Менменсинүү айрым актерлордун да кендирин кесип жүрөт. Колумдан келбеген нерсе жок деген өзүнө ашепке ишенүүчүлүк не деген мыктылардын мүмкүнчүлүгүн чектеп койгон. Андайлар тапшырылган ролду сценарийден гана окушат, турмушта кандай болот, эл кандай кабыл алат, капарына келбейт. Режиссерлорду башкарып алган актерлор бар. «Жок, бул бийиктен секирбейм, мага жан керек, бирөө секирип берсин». «Кокуй, аттан жыгылбайм», «Колумду муздак сууга салбайм!» деген чын тийбес «жылдыздарды» да көрдүк. Алар азыр дагы бир эле маалда эки фильмге тартылып, театрдын сахнасынан телефильмге чейин «таскак» салып жүрүшөт. Жүз ролду сунуш кылса, жүзүнө тең ойнойм дейт. Албетте, андай актерлордо акча болот, бирок ачылыш болбойт. Эсептегенге жакшы. Жүрүшпөйбү, «Мен 60—70 ролдо ойнодум эле. Ушуга чейин наам тургай, көкүрөгүмө сыйлык илише элек» дешип наразы болгондор. Чыгыштын акылманы Жами «Чындыктын көзүнө дайыма тике кара» дептир. Мына, мен 16 жылдын аралыгында болгону (бардыгы өзүм жактырып, көңүлүмө толгон ролдор) 17 фильмге тартылыпмын. Ролду тандаарда алдымда бир гана суроо турчу. «Бул менин турмушума жаңы ачылыш алып келеби?» А ойногонго келгенде режиссер эки метрден ыргы десе, мен үч метрден секирчүмүн, чаап баратып, үзөңгүдөн бутуңду чыгарбай жылмыш десе, мен аттын башынан ала салып, тоголончумун. Ар качандан бир качан коюлган талаптан ашырып ойногонго аракеттенер элем. Азыр киного тартылбай калдым, а баягы кол үчүн муздак сууга салбаган, өздөрүн сактаган «назик» актерлер дагы эле фильмден фильм кубалап жүрүшөт. Муну менен эмнени айткым келет, актерлук кесипке ба-

шыңды байладыңбы, кудай сага кубат берсин, чоң гонорар үчүн эмес, чоң сүйүү, элдин урматы деп ойно, мүмкүнчүлүгүңдөн ашырып ойно, кадыр-барктын баасын ошондо билесиң.

Сүйменкул абамдын ушул сөзүнөн кийин дагы бир эрдиги эсиме түштү... Кырсык каш-кабактын ортосунда дешет го, ошо чын окшойт. Ал «Жалаң эр-азаматтар» фильмине тартылып жатканда аска боорунан буту таят. Бийик жерден далай учкан «жаны оорубас» актер азыр дагы жеп-жеңил туруп, кайра аскага жармашат деп турган режиссер. Операторлорду таң калтырып, Сүкөм жыгылган жеринен козголбоду. Катуу жарат алган (бөйрөгүнө кан куюлган экен) Чокморовду чукул арада шаарга алып кетүү үчүн «Тез жардам» чакыртылат. Вертолет учуп келгенче, кино тартылып жаткан жерге айыл эли, куруучулар, малчылар толуп кетет. «Кантип эле Сүйменкул ооруп калсын» деп таң калышып, биринин сөзүнө бири ишенбейт. Качан гана келип конгон вертолетко аны колмо-кол көтөрүп жөнөгөндө көпчүлүк толкуп берди! Сүкөм тегерегиндеги жайнаган элге башын зорго көтөрдү. «Күткүлө, келемин» деди. Эриндери гана кыбырады. «Көрөсүңөр, асканы багындырам» деп эрдин кырча тиштеди.

Вертолет көтөрүлгөндө анын эпкинине, шамалына термелген эл азыр дагы Сүкөмдүн көз алдында! Ошондогу садагасы кетейин, көпчүлүктүн камтамасы, «Тезирээк айыгып кет, Сүйменкул!» деген акактай тунук тилеги ага таблбис дары болбодубу...

Режиссер фильмдин башкы каарманы Касымдын ролуна бөлөк актер чакырып, киносун токтотпой тарта берсе болмок, бирок антпеди. Сүкөмдүн айыгып чыгышын эки үч ай бою күттү. Фильмдин башкы каарманын, көңүлүндө кылдай карасы жок, кимге десе жакшылыгын тең бөлүшкөн адамды жалгыз Чокморов гана ойной турганына А. Видугирис да бекем ишенген. Сүкөм убадасын аткарды, асканы багындырды. Көп жердин кыйырын басып, куржун көзү толгон байгелер менен кайткан «Жалаң эр-азаматтар» фильмин айтып отурбайлы...

Жаанды ээрчитип шаарга кирип келдик. Ошол күнү кечкурун, эртеси да булуттар биз келген тоолорду чүмкөп турду.

* * *

Додолонгон сүрөттөрдөн Сүкөмдүн өмүрүн кайра башынан көргөндөй болом. Тигиниси, мунусу да турмуштук тасманын токтоп турган элесиндей сезилет. Анан өнөрканасына алып өтүп, «Кожожаш» эпосунун негизинде тартып жаткан «Мергенчинин өлүмү» аттуу чыгармасы менен тааныштырды. Ал «Жаралуу эчки», «Мергенчинин өлүмү» жана «Жашоо түбөлүктүү» деген шарттуу аталыштагы үч бөлүктөн турат экен. Жалама зоонун боорунан жаралуу Сур эчки бизди кектүү тиктейт, андан бери мылтыгын мыкчыган, көздөрү чанагынан чыккан Кожожаш аскадан кулап, жерге күм-жам болгону учуп келатат. Бер жакта Күн жадырап тийип турат, желге термелген жашыл жалбырактар... «Жаратылыш да, адамзатың да дүйнөгө түркүк болбойт, баарыбыз өтөбүз бу дүйнөдөн. Бирок, Күн тура берет, нурун чачыратып, Күн өлбөйт, Күн түбөлүктүүлүктүн символу» деди сүрөтчү. Саякбай Каралаевдин портрети өнөрканадын так төрүнө илинген. Качан тартып баштаган, дагы эле бүтө элек, «Дагы жүз жылдан кийин Саякбайдын даңкы таш жарат, аны бөркүңдөй көр. Ошондо бул уникалдуу инсандын феномени изилденет, нака баасын ошондо алат» деди Сүйменкул аба.

* * *

— Ке, сага Карабалтанын ырын ырдап берейин, башы кандай эле. — Ал диванга жөлөнүп турган домбураны колуна алды, — өткөн бир заманда казак элинин башаягына аттын кашкасындай таанымал Темир таз деген ак тандай ырчысы өткөн имиш. Өкүмү зор адамдар домбурасынан бөлөк байлыгы жок кембагалды көпчүлүккө жолотпой «Эл алдында дагы бир ырдаганыңды көрсөк таңдайыңа коргошун куюп, доошуңду өчүрөбүз» дешип кубалашат. Кордукка чыдабай, башын өлүмгө сайып, кыл чайнаган бечара домбурасын күүлөп эл алдына чыгат...

...Өгүздөй өргө тарткан акең өлсө,
Күндөрүң не болады, шырактарым?!.

Сүкөмдүн коңур үнү жүлүндү сыздатат-ов. Сүрөттөр да ыр угат тунжурашып... Казактын мейкин талаасы, жылкылардын дүбүртү, домбуранын армандуу доошу... Төртүнчү кабаттагы чакан өнөрканаңы терметкен обон терезеден шарт секирип, талаа кезет... Жанымда домбурасын сыздаткан Карабалта, көкүрөгү арманга чыланган кадимки Карабалта! Сүрөттөр мага кошулуп ыр угушат, сүрөттөрдүн көзүнөн жаш куюлат...

«...Күндөрүң не болады, шырактарым!..»

* * *

СҮЙМӨНКУЛ ЧОКМОРОВИЧ лифтиге чейин узатып чыкты да «Кыял дегениң күлүк экен» деп жылмайды. «Кээде бир ой келет. Мына, бармактай кезимен карама-каршылык менен алышып келем. Эгерде деним сак, дүйнөм түгөл, жыргап-куунап тирилик өткөзгөн болсом, өзүмдү эч качан жолдуумун деп эсептебес элем. Бу заманга керек экениңди билген сайын, күрөшкөн сайын өзүңдү бактылуу сезет экенсиң...»

Чын эле, ал үчүн бул жашоонун сыры да, ыры да ушул акыркы сүйлөмдө айтылгансыды...

## СОҢКУ СӨЗ

Турмушу чоң романга татырлык адам жөнүндө бир шиңгил очерк жазуу баарынан кыйын экен. Бүтөөрүн бүтүп, «дагы чала-чарпыты калдыбы, сынаакы көзгө бир сыйра окутуп алсам» деп бир аптача буйдалдым. Чынын айтсам, редакторума берерден мурда тобокел деп Сүкөмдүн өзүнө, баягы кычыраган креслосунда отурганда окуп бердим. Өзүнүн эки-үч ай мурдагы айтып бергендерин үнчүкпай угуп отурду.

— Окутпай эле чыгара берсең болмок экен...— деди акырына чыкканда. Башка ак да, көк да дебеди. Тизесине келип конгон чымынды бир шилтеп уучуна кысты да, туруп барып форточкадан ары коё берди...

Кол жазмамды, жайдын саратаны жеп, кичине саргая түшкөн барактарымды колтугума кысып, билинер-билинбес кыңылдап: «Эсенчилик болсо, өзүң окуп сынаарсың» деп жеңилденип, сага келаттым, окурманым!

* * *

Жакында эле эки күн болуп калды Сүкөм редакцияга телефон чалыптыр. Жөн-жай эле. Ал-акыбалды сураштыргандан кийин: «Эми ишим бүттү деп, жоголуп кетпе» деди. «Колум бошосо эле барам» дедим.

А бирок, ал кишинин колу бошоор бекен, аны түк ойлобопмун...

## СҮРӨТЧҮ СҮЙМӨНКУЛ ЧОКМОРОВДУН КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК СҮРӨТ МУЗЕЙИНИН ФОНДУСУНДАГЫ ЖИВОПИСТТИК ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ТИЗМЕСИ

(Тартылган жылы көрсөтүлдү)

1. «Менин энем», 1960-ж.
2. «Каралаевдин портрети», 1966-ж.
3. «Кыргыздын идиш-аяктарынын натюрморту», 1967-ж.
4. «Жайлоодогу кеч», 1967-ж.
5. «Эне», 1967-ж.
6. «Абышка», 1967-ж.
7. «Тоолор», 1969-ж.
8. «Самаркандия», 1970-ж.
9. «Саякбай Каралаевдин портрети», 1971-ж.
10. «Менин уулум», 1972-ж.
11. «Революционер Сарыкулаковдун портрети», 1972-ж.
12. «Автопортрет натюрморт менен», 1972-ж.
13. «Саякбай Каралаевге арноо», 1974-ж.
14. «Г. Базаровдун портрети», 1975-ж.
15. «Кыргыз ССРинин эл артисти Жанкорозованын портрети», 1975-ж.
16. «Автопортрет», («Атайын комиссар» кинофильминен) 1976-ж.
17. «Г. Сулаймановanын портрети», 1977-ж.
18. «Актриса», 1977-ж.
19. «Моника Витти», 1978-ж.
20. «Күздөгү портрет», 1978-ж.
21. «Күздөгү түшүмдөр», 1980-ж.
22. «Эски уста», 1980-ж.
23. «Эки мергенчи», 1980-ж.
24. «Чабандын портрети», 1980-ж.
25. «Чоң-Таш жергесинде», 1981-ж.
26. «Кулун», 1983-ж.
27. «Күрп-Сайлык монтажчы», 1981-ж.
28. «Короодогу такай», 1984—1985-ж.
29. «Сүрөтчүнүн карындаштарынын портрети», 1985-ж.
30. «Кыргызстандын кинематографисттери», 1986-ж.
31. «Сирень», 1984—1985-ж.
32. «Майрам», 1987-ж.

## ФИЛЬМОГРАФИЯ

(С. Чокморов тартылган фильмдер боюнча кыскача маалыматтар)

1968-ж, «Караш ашуусунан атылган ок», Бактыгул. Режиссер Б. Шамшиев. «Кыргызфильм» менен «Казакфильм» киностудиялары биргелешип койгон.

Ролдордо: С. Жумадылов, М. Рыскулов, В. Уральский, Б. Кыдыкеева.

1969-ж, «Жамийла» (Ч. Айтматовдун повести боюнча), Данияр. Режиссер И. Поплавская. «Мосфильм».

Ролдордо: Н. Аринбасарова, Н. Дубашев.

1970-ж. «Атайын комиссар». Режиссер А. Хамраев. Бул фильмде Н. Ходжаев. «Өзбекфильм».

Ролдордо: Х. Умаров, В. Козел, С. Яковлев, Н. Рахимов, Н. Жантурин, А. Жигарханян.

1971-ж. «Ысык-Көлдүн кызгалдактары», Карабалта. Режиссер Б. Шамшиев. «Кыргызфильм».

Ролдордо: С. Жумадылов, Б. Химичев, А. Темирова, А. Жанкорозова, Г. Виркава.

1972-ж. «Отко таазим». Үтүр уста, Режиссер Т. Океев. «Кыргызфильм».

Ролдордо: Т. Турсунбаева, Б. Бейшеналиев, С. Жумадылов, М. Рыскулов, И. Рыскулов.

1972-ж. «Мен — Тянь-Шань» (Ч. Айтматовдун «Делбирим» повести боюнча). Байтемир. Режиссер И. Поплавская. «Мосфильм»

Ролдордо: Д. Чочунбаева, Д. Байтобетов, Н. Мамбетова, Т. Бердалиев.

1972-ж. «Жетинчи ок». Максумов. Режиссер А. Хамраев. «Өзбекфильм».

Ролдордо: Д. Камбарова, Х. Умаров, Б. Бейшеналиев.

1974-ж. «Көк серек» Ахангул. Режиссер Т. Океев. «Казакфильм».



Ролдордо: К. Валиев, К. Сатаев, А. Жанкорозова, Н. Ихтимбаев.

1975-ж. «Кызыл алма» (Ч. Айтматовдун аңгемеси боюнча). Темирдин ролунда ойнойт. Режиссер Т. Океев. «Кыргызфильм»

Ролдордо: Г. Ажыбекова, Т. Турсунбаева, А. Макекадырова, А. Жанкорозова.

1975-ж. «Дерсу Узала». (Н. Арсеньевдин «Уссурийский крайы боюнча» аттуу чыгармасы боюнча). Чжан-бао. Режиссер А. Куросава. «Мосфильм»

Ролдордо: М. Мунзук, Ю. Соломин.

1977-ж. «Улан». Азат Майрамов. Режиссер Т. Океев. «Кыргызфильм».

Ролдордо: Н. Аринбасарова, С. Жумадылов, Г. Ажыбекова, Ж. Сейдакматова.

1977-ж. «Фердинанд Люстун өмүрү жана өлүмү». (Ю. Семеновдун «Председатель үчүн бомба» романы боюнча.) Господин Лао. Режиссер А. Боровский. «Мосфильм».

Ролдордо: Д. Банионис, П. Панков, Ю. Будрайтис, Э. Киви, А. Калягин.

1979-ж. «Эрте жаздагы турналар» (Ч. Айтматовдун «Эрте жаздагы турналар» повести боюнча). Бекбай. Режиссер Б. Шамшиев. «Ленфильм» жана «Кыргызфильм».

Ролдордо: Э. Борончиев, Т. Ажыбекова.

1981-ж. «Жалаң эркектер» Касым. Режиссер А. Видугирис. «Кыргызфильм».

Ролдордо: Д. Камбарова, В. Жолобов.

1986-ж. «Бөрү зындан». Милициянын полковниги. Режиссер Б. Шамшиев. «Кыргызфильм».

Ролдордо: О. Кутманалиев, М. Мамбетов, Б. Сейдакматов, Т. Нигматулин, А. Темирова.

«Кино менин сүйүүм,
ал эми сүрөт азап-тозогум.»
Сүймөнкул Чокморов

## ТАЛАНТКА ТААЗИМ

### ӨЗҮНЧӨ ДҮЙНӨ

Күнүмдүк тиричилик менен алагды болуп, көп учурларда биз өзүбүз жакшы билген, таланты жана өтөгөн кызматы аркылуу атак-абийирге жетишип, эл-журттун сүймөнчүлүгүнө ээ болгон замандаштарыбыз жөнүндө жылуу-жумшак ой айтууну көптөн көңүлгө түйсөк деле, аны ишке ашыралбай, мына-ана деп жүрө берет окшойбуз. Турмуш деген турмуш, ошентип, кээде чолооң тийбей калат. Муну менин оюма салган, «Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй» деген очерк болду. А Сүймөнкул жөнүндө болсо канча китеп жазса да арзыйт. Ал кыргыз искусствосунда өзүнчө эле бир дүйнө.

Сүймөнкулдун биз билген дагы бир өзгөчөлүгү — ал ушунча таланты менен өтө жупуну, мээрман, бийик адамгерчиликти качан да болсо өзү менен бирге ала жүрөт. Биз ага баарыдан мурда ден соолук жана мындан аркы ийгиликтерди каалайбыз.

Сүйүнбай ЭРАЛИЕВ
Кыргыз ССРинин эл акыны.

### ДОСУМ ЖӨНҮНДӨ ЭКИ ООЗ СӨЗ

Сүймөнкул экөөбүз кино өнөрүнүн күлүгүн узакка чабабыз деп ойлочумун. Дүйнөлүк кинонун балбылдаган жылдызына көп максат-пландарымды байланыштырчумун. Оору деген ойлогон ойду жеңет экен. Сүкөм баса отуруп дарыланбаса болбой калды. Бөйрөктүн дартынан ал кинодон алыстай түштү. Болбосо азыр жаңыдан тартып баштаган «Чыңгызхан» фильминде Чыңгызхандын ролун өзү ойномок. Буюрса, тартам деп көздөп жүргөн Манасты да Сүймөнкулга ойнотсом деп болжогом.

Кинонун иши менен чет жакаларга чыксам, досума деп дары караштырам. Март айында Америкада болдук. Голливудда «Кожожаш» фильмин көрсөттүк. Эл көп болду. Ошол жерден Зельман деген профессор менен таанышдук. Бизден кеткен экен, Ысык-Көлүбүздү көрүптүр, кыргыздардын турмушунан, меймандостугунан жакшы кабардар, жетиштүү адам экен. «Кожожаштан» кыргыз жеринин керемет сулуулугун көрүп, көкүрөгүндө калган бир кездеги сагынычы козголду окшойт, кошо жүргөндөрүнө күнөстүү жергебиз жөнүндө айтып түгөтө албайт. «Төлөмүш, фильмиңди көрүп, моокумум канды. Эмне каалайсың, тартуу кылайын» деп артымаи түшүп алды. «Мага эч нерсенин кереги жок» дегениме болбойт. Ошондо айттым, актер досум бар, катуу ооруп жүрөт, Япондордун «Кататар фогатера» деген сейрек учуроочу хирургиялык аппаратын издеп, таппай жүрөм дедим. Чындыгында валютага сатып алынуучу андай аппарат Москвада, Бүткүл союздук хирургиялык борбордо болгону бирөө бар экен, ал да жарым-жартылай иштейт. Сүймөнкул да ага барып дарыланып турчу. Зельман экөөбүз америкалык эң мыкты деген хирургиялык борборлорду кыдырдык. Биз, советтик кинонишмерлери америкалыктардын чакыруусу менен келгенибизди, менин кымбат көргөн досумдун ооруп жаткандыгын, жардамга муктаж экендигин, Сүймөнкул болсо бир кезде өзү көрүп, өмүр бою эсинен чыкпай калган меймандос элдин сыймыктуу уулу экендигин Зельман барган жеринде айтып жүрдү. Америкалык врачтардын боордоштугун карачы, Зельмандын айтканын илгиртпей түшүнүштү. «Досуңуз сыркоосунан айыгып кетсин» деп «Кататар фогатерадан» үчөөнү тартуу кылышты. Өмүрүмдө андай кубанган эмесмин. Сүймөнкулга алып барсам эле эртеси атын минип, экранга чыкчудай сезилди го! Советтик киноактердун сакайып кетүүсүнө кам көргөн америкалык врачтардын достук жардамына алкыш айттым. Бирөөсүн Москвадагы Бүткүл союздук хирургиялык борборго калтырып, экөө менен досум азыр дарыланып жүрөт.

Анын өжөрлүгүнө, эрктүүлүгүнө, адамдык тазалыгына суктанам. Чыгармачылыкка жүрөгү менен мамиле кылган мындай асыл адамдар чанда учурайт го. Жашоону ошондой сүйсөк, эл үчүн ошондой эмгектенсек! Ага жакында эле жолуктум. Сапсары жалбырактарды мага көрсөтүп, «Карачы кандай кооз күз! Этюд тарткaнга убактым жок. Үлгүрбөй жатам» деди. Өмүрдүн баасын билген адамдын бир мүнөт дагы бош убактысы болбойт экен...

Төлөмүш ОКЕЕВ,
кинорежиссер, СССРдин эл артисти.

## МЕН ООРУСАМ ДА, СИЗ ООРУБАҢЫЗ!..

Сүймөнкул аба, кырсык каш-кабактын ортосунда экен. Мен мындан жети жыл мурда бийик жерден жыгылып кетип, омурткамдан жаракат алгам. Ошондон бери өзүм туруп баса албайм. 1-топтогу майыпмын. Азыр бир туугандарымдын багуусунда жашайм. Турмушка болгон бекем көз карашыңызга, оору менен кармашып жүрүп да эл суктанган чыгармаларды жараткан талантыңызга суктандым. Оюмдагы сизге болгон сезимимди жеткирүүгө сөз таппайм!.. Сиздин бүгүнкү баштан кечирген тагдырыңыз менин жашоого болгон кумарымды арттырды, өмүрүмдү узарткандай болду. Мен оорусам да, сиз оорубасаңыз экен!!!

Жаныш КААРБАЕВ,
Лейлек району,
Самат атындагы колхоз.

## ТАЛАНТЫҢА ТААЗИМ

Чокморов жөнүндөгү очерктен улам ал мага «Мен Тянь-Шань» фильминдеги Байтемирден — Сүймөнкулдан башкача, бир аз ойлуу көрүндү, анын максаты бийик экендигине көзүм жетти. Фильмде мен Кадичанын ролунда ойнодум. Сүймөнкул менен ким киного тартылса билет, анын жанында өзүңдү жеңил сезесиң, эргийсиң. Анын жүзүнөн, көздөрүнөн, турмуш төгүлүп турса, камерадан кооптонуу жоголот.

Анын тубаса талант экенине ошондо көзүм жеткен. Табият андай талант ырыскысынан баарына эле энчилей бербейт тура... Режиссер «эки метрден секир десе» анын үч метрден секиргенин өзүбүз көрбөдүкпү. «Мен — Тянь-Шань» фильминин сценариясын жазган белгилүү жазуучубуз Чыңгыз Айтматов Чокморовдун чыгармачылык мүмкүнчүлүгүн көрө билген. Ал Байтемирдин ролун Сүймөнкулга тапшырууну бекеринен өтүнбөгөн чыгар. Жазуучунун тууралыгын бүгүн турмуш өзү ырастап отурат. Мен — Тянь-Шанда» Чокморов Аселге болгон сүйүүсүн кандай күчтүү ойногон!

Сүймөнкул кыл калеми менен тынбай иштеп жатыптыр. Саякбайдын портретин көргөнмүн. Анда манасчынын бай дүйнөсү — кыргыз элинин тарыхы бар...

Назира МАМБЕТОВА,
Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти.



## ЖАШООНУ СҮЙМӨНКУЛДАЙ СҮЙӨ АЛАМБЫ!

Бүгүн арабызда Шекспир, Микеланджело, Моцарт, Бах, Айвазовский барбы?! Биз мындай залкарларды тарыхтын барактарынан гана окучу болдук...

Сүймөнкул Чокморовду бүгүнкү күндүн Микеланджелосу дээр элем. Жанагы «азыркы күндө тарыхта калган инсандардай адамдарды сыйпаласаң таппайсың» деген скептиктерге Сүймөнкулдай жашоого кумары канбаган, жашоону аялдай сүйгөн, ар бир күнүн эрдик менен өткөзгөн адамдарды көрсөтөөр элем. Ушул саптарды жазып жатып, жүрөгүмдүн түрсүл какканын, кубанычтуу сезимди жеткизе аламбы деп күмөндөр да болом. Сүймөнкул, элдин Сүймөнкулу, сүймөнчүк кулуну! Мен анын атын ушинтип чечмелеп алдым. Сүймөнкул экранда кандай жашаса, турмушта да ошондой эле жашаарына ынандым, ишендим. «Жашоону мен да Сүймөнкулдай сүйө аламбы?!» деген суроо бассам-турсам оюмда жүрөт.

Сагын АЛАЕВА,
мугалим
Кара-Суу району.

## ЫРЫҢЫЗДЫ УККУБУЗ КЕЛЕТ

Сүймөнкул аба жөнүндө айтылган сөзүбүз дагы эле аз... Өз элине өз кудуретинен ашырып кызмат өтөгүсү келген айкөл агабыз тууралуу окуп алып, калыпка салган окшош сөздөрүм менен болсо да, сүрдөсөм да, чочуласам да өз оюмду айткым келди. Сүймөнкул аба, сизди эл бардык жерде сурамжылашып, өздөрүнүн таза тилектери менен аралыктан дарылап жүргөндөрүнө күбө болдум. Дал ошол береке менен мээримдин, акылдын куту болгон карыялардын басса-турса «Сүймөнкул баатырга дарт берсең, эми даба-дарысын, дарманын бер!» дешип дуба багыштаганына мен да кошулам. Аттын кулагы менен тең ойногон шамдагайлыгыңыз, сиз козгогон ыйман, кайрымдуулук бүгүнкү жаштарыбызга сиз эңсеген, шылдыры кулагыңыздан кетпеген тоо булагындай керек! Анан кылдай болсо да сиздин түйшүк жеңилдесе деген ойдо кыргыз ырын комуз менен коштоп, түндүктөн ашырып оболонтууга эже-карындаштарыңыздын атынан сизге кезек бергим келет. Комуз үнүн, жүрөктөрдү мекендеген Карабалтанын ырын уккубуз келет.

Урмат ЖУМАГУЛОВА,
Ош шаары.

## СПОРТТО ЧЫЙРАЛГАН

...1969-жылдын жаз айы. Биз, бир топ жаштар эртели-кеч Логвиненко көчөсүндө жайгашкан медициналык окуу жайынын короосунда волейбол ойночубуз. Жаныбыздагы ооруканадан арык чырай, шыңга бой, мурутчан жигит келип, биз менен топ ойноп кетип жүрдү. Ал каягына кошулса, ошол тарап дайыма утуп кетчү. Топту шумдуктай секирип урчу. Эч ким тосо алчу эмес. Көрсө, ал Сүймөнкул экен. Ошол учурда «Караш-Караш» фильмине тартылып жүрүп, сукка урунуп, ооруканада жатыптыр. Мага анын спорт дегенде ооруганын эсинен чыгарган ышкысы жаккан. Кийин «Караш-Караштьі» көрдүк. Бактыгул куугунчулардан изин жашырып, кыштын күнү дайранын шыргалаңына атчан бел курчоосуна чейин киргенде «Сүймөнкулдун ордуна эмне үчүн дублёрду ойнотпой эмес» деп кейип калганбыз. Көрсө, бул киши өзүнө кылындай да жеңилдик бербейт турбайбы.

Бели ката элек кезинде ордунан жыла албай калган Сүймөнкулга врач татаал көнүгүүлөрдү жасоого кеңеш берет. Ошол окуп жүргөндө укканбыз. Сүкөм ордунан туруп кадам жасоого шайы келбей калган. Ушунчалык кыйналганда ооруга баш ийип бергиси келгенин, бирок чыйрактыгы, өжөрлүгү аны ордунан тургузганын угуп, ага таң калып карачубуз. Көрсө, ал спортко карыздар экен... Ленинградда окуп жүргөндө спорттун эки түрүнө — волейбол менен бийиктикке секирүүгө катышып жүргөн. Волейбол боюнча Ленинград шаарынын студенттик курама командасында ойногонун көбүбүз али биле элекпиз...

Эң башкысы Сүймөнкул Чокморов биздин театрдын алгачкы карлыгачтарына, Москвадагы Луначарский атындагы театралдык окуу жайынын 1972-жылкы бүтүрүүчүлөрүнө дайыма агалык кеп-кеңешин айтып, алар бүткөнчө кабар алып, камкордук көрүп турду. Д. Байтобетов, Н. Мамбетова, А. Абдыкалыков, М. Алышпаевдер менен чогуу киного түштү. Жакшынын шарапаты, талантын көрөңгөсү оошот дегендей, кыргыз искусствосунун үлкөн адамынын турмуштагы өрнөгү бизге дайыма кымбат.

Надыр ШАМУРЗАЕВ,
Ош кыргыз драма театрынын директору.



## ЭЛИНЕ КЫЗМАТ ӨТӨЙ БЕР!

Индия элинин атактуу актеру Митхун Чакрабортинин сыркоосу күчөп, ооруканада солк этпей жатканда Индиянын газеталары күн сайын белгилүү артисттин ден соолугун кабарлаган бюллетендерди берип турушкан. Ал тургай индия элинин сүйүктүү адамы, мамлекеттин премьер-министри Индира Ганди ооруканага өзү келип, Митхундун ал-акыбалынан кабар алып кеткен. Бул адамгерчиликтин эң жөнөкөй, эң бийик үлгүсү...

Бир сапар Чокморовго бир окуяны айтып бергем. Айыл жеринен бир секелек кыз киностудияга келет. Киноактриса болсом деп максат кылып жүрүптүр. Режиссер андан «Сага кайсыл фильмдер жагат?» деп сураса: «Агай, мага Чокморов жагат» дейт. Кийинки берген суроолорунун баарына эле «Мага Чокморов жагат» дей бериптир...

Сүймөнкул байке угуп, каткырып күлгөн. Ага көп жылдар болду. Чындыгында аны элдин баары сүйөт. Бир эле көргөндө анын кишиликтүү экенин, кимге болсо жакшылыгын аябаган жөнөкөйлүгүн байкайт. Биз 1970-жылы «Мен — Тянь-Шань» фильмине бирге тартылган учурда тааныштык. Секелек кезимде анын чыныгы актерлук чеберчилиги мени таң калтырган. Терең психологиялык эпизоддорду, динамикалуу ролдорду андан ашырып ойногон артисттерибиз бүгүн жокко эсе. Бир эле эпизодду бир канча сезимдер менен ойноп көрөт.

«Мен — Тянь-Шань» фильминин Асел (мен) жолчунун үйүнөн кетмек болгон эпизодду тартылып жаткан. Асел буулугуп, бул жерде калбайм, кетем деп ыйлайт, а Байтемир жолун тороп, анын ойлонуп көрүшүн, үйдө калышын өтүнөт. Экранда Аселдин жаш жууган жүзү толук көрүнөт, Байтемир көрүүчүлөргө далысын салып турат. Ошол турушунда ал мага жардам берип жатты, эпизоддун эмоциясын күчөтүп жатты. «Менин көзүмө карачы, сага жалынып жатканымды көрбөй турасыңбы» деди. Ал жөн гана тексттин өзүн эле кайталап тим калса болмок, анткени анын көзү да, жүзү да экранда жок эле... Таң калам. Ушундай таланттуу актер мындан кийин кантип эле киного тартылбай калат! Мындай бир окуя эсимде. Москвада киного тартылып жүрөбүз. Биздин оператор Мурат Алиев «Мосфильмге» пальтосун чечип койсо, жума күн эле, ал чечинген бөлмөнүн эшигин эртелеп жаап кетип калышат. Күн суук, операторубуз пальтосуз калат. Эми Москванын аркы учуна жеңил кийимчен барышы керек. Ошондо Сүймөнкул байкем Муратка өзүнүн боз чепкенин

чечип берген. Эки күн бою Москвада Сүймөнкул байкенин чепкенин кийип, кыска чепкен ага пальто болуп калганына биз күлүп жүрдүк...

Ал бүгүн биздин Сүрөтчүлөр союзун жетектейт. Ден соолугуна карабастан мындай ишке барыш үчүн эрктүүлүк жана аябагандай зор жоопкерчилик керек эле. Эң кыйын учурда элине кызмат кылуу — Сүймөнкул байкеге мүнөздүү нерсе. Ал жөнүндө очерк өз учурунда жазылган. Канча мезгилден бери, өзгөчө акыркы жылдары ага көңүл бөлүнбөй келди эле...

Динара ЧОЧУНБАЕВА,
сүрөтчү.

## СИЗ БИЗГЕ — ДАНИЯРСЫЗ

Сүймөнкул аба, сиз жөнүндөгү жазылган очеркти окугандан кийин сиз жөнүндө көп ойлочу болдум. Эмне үчүн элдин сүйүктүү адамдары оорушат?! Алар бизге караганда өмүрүн эки эсе көп сарптап жашашабы?..

Жакында эле «Жамийланы» телевизордон көрдүк. Сизди сагынып калыптырбыз, үй-бүлөбүз менен жаңы көргөнсүп тиктеп, кубанып отурдук. Биз Даниярды кудум эле сиз деп ойлоп калдык.

Бакчанын короосунда мотурандап ойногон бөбөктөрдү тиктеп, арасында сөөгү ката элек, илдет тооруган арык бала — кичинекей Сүймөнкул кошулуп ойноп жүргөнсүйт. Ушул наристелердин арасынан сизге окшогон кинонун, сүрөттүн чеберлери чыгат деп бекем ишенем. «Бешиктеги баланын бек болоорун ким билет...»

Катича ОРОЗАЛИЕВА,
Фрунзе шаарындагы № 37 балдар бакчасынын тарбиячысы.

## ЭКРАНДАН КҮТӨБҮЗ

Сүймөнкул агам мага дайыма атчан элестейт. Ат жалында чоңойгон алп турпаты дүйнөнү аралап, аны менен кошо кыргыз эли аалам кыдыргандай болот. Беш жолу кинофестивалда беш ирет мыкты аталыш бир актерго көптүк кылат. Сүймөнкул абанын болоттой бекем эркин, максатына умтулган чаалыкпас мээнеткечтигин, адамгерчилигин көрүп жүрбөйбүзбү. Алыстан улуу-кичүү болсун, жолунан бурулуп учурашат. «Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты катары өзүнчө бөлмөгө жаткызып, дарылайлы десе, эл менен болом, элге аралашып жатам» дегени не деген карапайымдык, жөнөкөйлүк!

Жөн гана күндү тосуп, күндү узатып жашабастан, эрдик менен күн кечкирткен, зор максатты аркалаган жердешибиз — Сүймөнкул абаны экрандан күтөбүз. Ал дагы нечен ролдорду аткарат, биз ага ишенебиз!

Сыргатбай ДӨӨЛӨТБАКОВ,
Аламүдүн районундагы Орто-Алыш айылдык Советинин аткаруу комитетинин төрагасы.

## ЭРИШ-АРКАК ЭКИ ТАЛАНТ

Чыңгыз агайдын адабий каармандарына экрандык өмүр берүүдө Сүймөнкул байкенин эмгеги кыйла болду. Бул эриш-аркак эки талант элибиздин сыймыгы жана соолбос рухий булагы, көөнөрбөс, өчпөс өңү, жүзү!

Биз жаштар ушундай жылдыздуу агаларыбыздын бардыгына каниет кылалы, алардан адамдык мамилени үйрөнүп, өнөр шыгынан үлгү алалы.

Сүймөнкул байкенин адамдык турпатын, сүрөтчүлүк жана актерлук дасмиясын дагы кенен, көлөмдүү түрдө кеңири сөз кылууга неге болбосун. Анткени, ал кишинин ар бир айткан кеби, экрандык кейипкерлери жана өз сөзү менен айтканда азап-тозогунан жаралган сүрөттөрү биздин демибизге дем, шыгыбызга шык берүүчү руханий кубат.

Ушул үмүт менен тилекти келечекте жазуучулар, журналисттер ишке ашырат деп окурмандык ишенимимди билдиргим келет.

Мистегүл МАХМУТБЕКОВА,
Фрунзе шаарынын тургуну.

## МАЗМУНУ

Басмадан . . . . . . . . . . . . . . . . 3
Соңку сөз . . . . . . . . . . . . . . . . 28
Тарткан сүрөттөрүнүн тизмеси . . . . . . . . . . 29
Фильмография . . . . . . . . . . . . . . . 30
Талантка таазим . . . . . . . . . . . . . . 32

Научно-популярное издание

Матисаков Абдиламит

СЫН СВОЕГО НАРОДА

Очерк

Фрунзе, издательство «Кыргызстан»

На киргизском языке

Илимий-популярдуу басылышы

«КЫРГЫЗ ӨҢҮ ЧОҚМОРОВДУН ӨҢҮНДӨЙ...»

Очерк

Редактору *П. Ш. Казыбаев*
Кенже редактору *Б. Самиева*
Сүрөтчүсү *С. Ямгирчиев*
Сүрөт редактору *Ч. Абдраимов*
Тех. редактору *С. Чотиев*
Корректору *М. Кожалиева*

ИБ № 4684

Терүүгө 26. 12. 88. берилди. Басууга 03. 07. 89. кол коюлду. Д—02558. № 1 кагаз. Литературная арибн, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 84×108¹/₃₂. 1,25+0,375 накд. физ. басма табак. 2,10 шарттуу басма табак. 2,660 учеттук табак. 2,684 боёк түшүрүү. Тиражы 15000. Заказ № 56. Баасы 15 т.

Элдердин Достугу ордендүү «Кыргызстан» басмасы.
720737. ГСП. Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты. 720461. ГСП, Фрунзе, 5. Жигули көчөсү, 102.

15 т.